Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# ЭРКИН-ТОО

Шейшемби,
2025-жылдын
2-сентябры

№66 (3722)

www.erkin-too.kg

# БИЛИМДҮҮ БАЛА – КҮЧТҮҮ ЭЛДИН ПАЙДУБАЛЫ



## "КЕЛЕЧЕК" ЧЫГАРМАЧЫЛЫК БОРБОРУ

Ош шаарында дагы бир жагымдуу жаңылык орун алып, "Келечек" балдардын чыгармачылык борбору толук оңдолду. Аталган балдар борборуна жалпысынан 3 миңге жакын бала келип ар кандай ийримдерге катышып, билимин, чыгармачылык өнөрлөрүн арттырып, үйрөнүп кетишет. Ош шаарынын мэри Жеңишбек Токторбаевдин тапшырмасына ылайык, борбордун ички бөлмөлөрүнүн дубалдары тегизделип, шыбалып, жаңы пол төшөлүп, жылуулук системасы жаңыланып, түтүктөр алмашылып, ички тепкичтери жаңыланып, эшик-терезелери алмаштырылды. Аны менен бирге имараттын сырткы көрүнүшү да жакшырып, коопсуздук үчүн жаңы тосмолор орнотулуп, көрктөндүрүү жана жашылдандыруу иштери жүрдү. Калаа башчысы жакынкы убактарда борборго балдар үчүн кичи автобус белекке берерин убадалады.

## БИЛИМ КҮНҮ БЕЛГИЛЕНДИ

Кечээ 1-сентябрь – Билим күнүндө республиканын бардык жалпы билим берүү мектептери окуучулар үчүн өз эшигин ачты. Агартуу министрлиги тарабынан сунушталган атайын темалардын негизинде окуучуларга тарбиялык сабактар өткөрүлдү. Эске салсак, Кыргызстанда 2 миң 394 мектепте 1 млн 536 миң 633 бала билим алат. Өлкөдө 2 миң 170 мамлекеттик жана муниципалдык мектеп, 224 жеке менчик мектеп бар. Жеке менчик мектептердин көпчүлүгү Бишкек шаары менен Чүй облусунда жайгашкан. Учурда 93 миңден ашуун мугалим жайкы эс алуудан кийинки жаңы окуу жылында өз ишин баштады. Президенттин тапшырмасы менен жаңы муундагы окуу китептерин массалык түрдө чыгаруу үчүн өлкө тарыхында биринчи жолу 744 млн сом бөлүндү.

**"Эркин-Тоо" пресс**



## БУЛ САНДА:



**Кундус КЫРБАШЕВА:**

“ЖАШЫЛ ЭНЕРГЕТИКА БОЮНЧА ИДЕЯЛАРДЫ БИЙЛИК КОЛДОП ЖАТАТ”

5-БЕТТЕ



**Жыргалбек ЗАРНАЕВ:**

“СОЦИАЛДЫК ИРИ ДОЛБООРЛОР ИШКЕ АШУУДА”

8-9-БЕТТЕРДЕ



**Эсентур КЫЛЫЧЕВ:**

“КЫЛЫМДАР АМАН ЖҮР ЭЛИМ, КЫЛЫМДАР ӨМҮР СҮР ЭЛИМ”

16-БЕТТЕ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ЖАЛАЛ-АБАДДАГЫ ИШ-САПАР



# СУЗАКТА БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИ

Мамлекет Башчы Садыр Жапаров Жалал-Абад облусуна иш сапары менен барып, бир катар объектилерди ачты. Алгач Сузак районунун Миң-Өрүк айылында Нышанбай Алыкулов атындагы жаңы мектептин ачылыш аземине катышты. Аталган мектептин жаңы имараты заман талаптарына жооп берет, балдардын билим алуусу үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Мурда мектептин имараты эки корпустан турып, 1890-жылы имараттардын бири 10 бөлмөгө ылайыкталып курулган. 1928-жылдан баштап ал кайрадан жабдылып, 10 класстык бөлмөсү бар мектеп катары колдонула баштаган. Текшерүүнүн жүрүшүндө курулуш материалдары көп жылдык пайдалануудан улам эскирип кеткени аныкталган. Тактап айтсак, пайдубалы чөгүп, ал эми негизги дубалдарда жаракалар пайда болгон эле. Ошондуктан мектептин жаңы имаратын куруу чечими кабыл алынган.





# ЖАЛАЛ-АБАДДАГЫ ЖАҢЫ АДМИНИСТРАТИВДИК ИМАРАТ

Садыр Жапаров 30-августта Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 34 жылдыгына карата уюштурулган гала-концертке жана Жалал-Абад шаарынын жаңы административдик имаратынын салтанаттуу ачылыш аземине катышты. Иш-чара Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу жолун чагылдырган даректүү тасманы көрсөтүү менен башталды. Андан соң 600гө жакын артисттин катышуусунда «Келечектеги Кыргызстан» аттуу театралдаштырылган оюн көрсөтүлдү. Мамлекет Башчысы Көз карандысыздык күнүнүн алдында куттуктоо сөзү менен чыгып, Көз карандысыздык майрамы жыл сайын ар кайсы облустарда белгиленип келе жатканын белгилеп, мурда берекелүү Чүй өрөөнүндө, андан соң байыркы Ош шаарында өткөрүлүп, эми гүлдөп-өнүгүп жаткан Жалал-Абад шаарында өткөрүлүп жатканын айтты.

Көз карандысыздыктын 34 жылдыгына карата дагы 100 социалдык жана 60тан ашык өндүрүш объектилери ишке киргизилди. Эгемендүүлүк күнүн майрамдоонун алкагында токой чарбасына 30 автоунаа берилди. Мындан тышкары өлкөнүн бардык айыл аймактарына лизингге автоунаалар тапшырылды. Кече чет элдик жана жергиликтүү эстрада ырчыларынын концерти менен аяктады.



# "МУРАС ЮНАЙТЕДГЕ" ШАРТ ТҮЗҮЛДҮ

Президент Садыр Жапаров жумушчу сапарынын алкагында Жалал-Абад шаарындагы "Мурас Юнайтед" футбол клубунун жаңы машыгуу комплексинин имараты менен таанышты. Жаңы спорттук комплекс спортчуларды даярдоо үчүн зарыл болгон заманбап спорттук жана окуу-тиричилик объектилерин бириктирип турат. Бул жерде машыгуу жана турак жай имараттары, кийим алмаштыруучу бөлмөлөр, бассейн, машыгуу залы, ошондой эле көрүүчүлөр үчүн трибуна жана гибриддик футбол аянты каралган. Объект дээрлик 2 гектар аянтты ээлейт жана жарык берүү системасы менен жабдылган, бул кечкисин машыгууларды жана беттештерди өткөрүүгө мүмкүндүк берет.

# ТУРАК ЖАЙЛАРДЫН АЧКЫЧТАРЫ ТАПШЫРЫЛДЫ

Жалал-Абад шаарындагы "Асман резиденс-2" жана "Асман резиденс-3" турак жайлары пайдаланууга берилип, Президент Садыр Жапаров батирлердин ачкычтарын тапшырды. Өлкө Башчысы өз сөзүндө элди турак жай менен камсыздоо аракети жигердүү колго алынганын, Жалал-Абад шаарында да бул жөрөлгө активдүү жүрүп жатканын белгиледи. Эгемендүүлүк күнүнө карата тапшырылган кезектеги "Асман резиденс-2" турак жай комплекси 9 кабаттан туруп, 450 батирди камтыйт. Ал эми "Асман резиденс-3" турак жайы да 9 кабаттан туруп, анда 135 батир орун алган.



# БОКС АКАДЕМИЯСЫ ЖАНА "СКАЙ" ЭЛ АРАЛЫК МЕКТЕБИ

Өлкө Башчы Садыр Жапаров Жалал-Абад облусуна болгон жумушчу сапарынын алкагында Жалал-Абад шаарындагы бокс академиясынын жаңы имараты жана Кембридж программасы боюнча окуткан мектеп менен таанышып чыкты. Иш-чарага белгилүү кесипкөй боксер, оор салмактагы дүйнө чемпиону, Россиянын Мамлекеттик Думасынын депутаты Николай Валуев да катышып, жаш спортчулар үчүн мастер-класс өткөрдү. Бокс академиясындагы спорттук объектиге үч бокс залы, административдик имарат, 300 орундуу заманбап спорт зал, ошондой эле 27 орундуу жатакана кирет. Академия спортчуларды даярдоо жана ар кандай деңгээлдеги мелдештерди өткөрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды камсыз кылат. Курулуш Жалал-Абад шаарынын мэриясынын буюртмасы менен ишке ашырылган. Каржылоо толугу менен республикалык бюджеттен жүргүзүлүп, долбоордун жалпы наркы – 192 млн сомду түзгөн.

Ошондой эле Президент Садыр Жапаров Кембридж программасы боюнча окуткан мектепти көрүп чыкты. Бул Жалал-Абад шаарындагы 670 окуучуга ылайыкталган заманбап эл аралык билим берүү борбору. Алар робототехника, илимий лабораториялар, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар жаатындагы долбоорлор, карапа жасоо, аспаптык музыка, футбол, баскетбол жана социалдык долбоорлорду кошо алганда, ийримдердин жана секциялардын көп түрүнө катыша алышат.

**Анаркан АЛИМОВА, Жалал-Абад шаары**

# КӨРКӨМ СҮРӨТ ОКУУ ЖАЙЫ ЖАҢЫЛАНДЫ

Эгемендүүлүк майрамын утурлай, Өлкө жетекчиси Садыр Жапаров Жалал-Абад шаарында курулган академик Т.Садыков атындагы улуттук көркөм сүрөт академиясынын алдындагы республикалык көркөм сүрөт жатак-мектебинин үч кабаттуу жаңы имаратын ачты. Иш-чарага Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - УКМК төрагасы Камчыбек Ташиев, облус башчысы Тилек Текебаев, Жалал-Абад шаарынын мэри Эрнисбек Ормоков, ЖК депутаттары, Орусиядан келген конокторжана шаар тургундары катышты. Аталган мектеп 100 орунга ылайыкталып салынып, бардык шарттар каралган.

Эске салсак, академик Т.Садыков атындагы улуттук көркөм сүрөт академиясынын алдындагы республикалык көркөм сүрөт жатак-мектебинин эски имараты 1906-жылы бир кабаттуу болуп курулган. Эскилиги жеткен имарат 2024-жылы буздурулуп, ордуна жаңы имараттын курулушу башталган.



ИШ ЖУМА

# ПРЕЗИДЕНТ САДЫР ЖАПАРОВ СИ ЦЗИНЬПИНДИ ЧАКЫРДЫ



***Президент Садыр Жапаров 31-август күнү Кытайга ШКУнун саммитине катышуу үчүн иш сапары менен барып, Кытайдын Төрагасы Си Цзиньпин менен Тяньцзинь шаарында жолугушту.***

Тараптар ШКУнун алкагындагы өз ара кызматташтык, логистикалык инфраструктураны өнүктүрүү жана чек ара пункттарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу, каржылык, маданий-гуманитардык, соода-экономикалык жана инвестициялык кызматташтыкты мындан ары чыңдоо боюнча пикир алмашты. Си Цзиньпин Садыр Жапаровду жана кыргыз элин Эгемендүүлүк күнү менен куттуктап, өлкөгө гүлдөп-өсүү жана бакубатчылык каалады. Ал өнүгүү стратегияларын тереңдетүүгө жана модернизация жолунда бирге болууга даярдыгын билдирди. Садыр Жапаров Кытай тарап Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан бери өлкөгө тынымсыз көңүл буруп, экономикасын өнүктүрүүгө үзгүлтүксүз жардам берип келе жатат деп ыраазычылык билдирди. Си Цзиньпинди 2026-жылы Кыргызстанга мамлекеттик сапар менен келүүгө чакырган Садыр Жапаров, Кытай тарапты Кыргызстанда ишке ашырылып жаткан бир катар ири инвестициялык долбоорлор менен тааныштырды. КЭР Төрагасы кытай компанияларын “Тамчы” атайын каржы-инвестициялык аймагын жана “Ала-Тоо Резорт” туристтик комплексин түзүү долбоорлорун ишке ашырууга чакырууга даяр экендигин билдирди. Тараптар эки өлкөнүн кызыкчылыктарына негизделген стратегиялык өз ара кызматташтыкты мындан ары да өнүктүрүүгө умтуларын билдиришип, жолугушуунун жыйынтыгында бир катар документтерге кол коюлду.

# ЧОЛПОН-АТА – ШКУнун МАДАНИЙ БОРБОРУ БОЛМОКЧУ




***Президент Садыр Жапаров Кытай Эл Республикасына болгон жумушчу сапарынын алкагында Тяньцзинь шаарында өткөн Шанхай Кызматташтык Уюмуна мүчө мамлекеттердин башчыларынын кеңешинин 25-жыйынында сөз сүйлөдү.***

Президент кыргыз тараптын төрагалыгынын мезгилине ШКУнун туристтик жана маданий борбору катары – Ысык-Көлдүн жээгинде жайгашкан Чолпон-Ата шаары бекитилерин белгиледи. Садыр Жапаров мунун алкагында бир катар иш-чаралар, анын ичинде залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун демилгеси менен 1986-жылы биринчи жолу өткөн юбилейлик “Ысык-Көл интеллектуалдык” форуму пландаштырылганын кошумчалады. Мамлекет башчысы ШКУга мүчө мамлекеттердин маданий-спорттук делегацияларын Кыргызстан 2026-жылдын күзүндө өткөрүүнү пландап жаткан кезектеги Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына катышууга чакырды.

# ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫН ТҮЗҮҮНҮ СУНУШТАДЫ

***Президент Садыр Жапаров ШКУнун Өнүктүрүү банкын, Өнүктүрүү жана Инвестициялык фондун түзүүнү Кытайдын Тяньцзинь шаарында өтүп жаткан ШКУга мүчө мамлекет лидерлеринин саммитинде билдирди.***

Ал эл аралык автомобиль жана темир жол ташуулары үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча көп тараптуу кызматташтыкты өнүктүрүүнү сунуштады. “Бул жаңы транспорттук каттамдарды түзүүнү жана ШКУга мүчө мамлекеттердин транзиттик-транспорттук потенциалын натыйжалуу пайдаланууну да камтыйт” - деди Садыр Жапаров. Ал уюмга мүчө мамлекеттердин коопсуздугу үчүн жамааттык аракеттер уланышы керектигин, айрыкча терроризм, сепаратизм жана экстремизмге каршы бул өлкөлөр чогуу аракеттениши маанилүү экенин белгиледи. Мындан тышкары санариптештирүү, климаттын өзгөрүүсүнүн алдын алуу үчүн “жашыл долбоорлорду” көбөйтүү сунушун берди. ШКУга келерки жылы Кыргызстан төрагалык кылат. ШКУ саммитине Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Орусия, Кытайдын, Беларустун башчылары, Индиянын Премьер-министри, Ирандын Президенти, Пакистандын Премьер-министри Шахбаз Шариф катышууда. Садыр Жапаров Кыргызстандын төрагалыгы “ШКУнун 25 жылдыгы: туруктуу тынчтык, өнүгүү жана гүлдөп-өсүүгө бирге” деген ураандын астында өтөрүн белгиледи. 2001-жылы Москванын демилгеси менен түптөлгөн уюмга Казакстан, Кытай, Кыргызстан, Орусия, Тажикстан, Өзбекстан, Пакистан, Индия, Иран жана Беларусь кирет.

# КАМЧЫБЕК ТАШИЕВ АЧЫК САБАК ӨТТҮ



1-сентябрь Билим күнүнүн урматына карата Жалал-Абад шаарындагы Сатыбалды Давлетов атындагы №14 мектептин жаңы имаратынын ачылышы болду. Мындай кош майрамдуу шаң салтанатка Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - УКМК төрагасы Камчыбек Ташиев да катышты. Билим уясынын ачылуу аземинен соң Камчыбек Ташиев мектептин 11-классынын окуучуларына ачык сабак өтүп, алар менен жеринде баарлашты. Ачык сабактын жүрүшүндө мектепти аяктоо алдында турушкан жаш жеткинчектерге генерал-полковник Камчыбек Ташиев турмуштук бай тажрыйбасы менен бөлүшүп, кызыктуу маалыматтарды айтып берди. Өзгөчө анын “Азыркы кылым илимдүү-билимдүү инсандардын доору. Силердин ар бириңер татыктуу билим алып, көптөгөн тилдерди билүүңөр керек. Билимсиз адам коомдон бөлүнүп, эч муратка жетпейт. Бүгүнкү замандын талабы мурдагыдан өзгөчөрөөк. Билим алуу менен гана чектелбей, мамлекетибиздин патриоту болгула” – деген жалындуу кеби окуучуларды шыктандырды.



# “БИЛИМ КҮНҮ – БҮТҮНДӨЙ МАМЛЕКЕТКЕ ТИЕШЕЛҮҮ МАЙРАМ”

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Кожомкул айылынын мектебинде Билим күнүнө жана жаңы окуу жылынын башталышына арналган салтанаттуу иш-чарага катышты. Ал өз сөзүндө мугалимдерди, окуучуларды, ата-энелерди жана Кыргызстандын бардык жарандарын Билим күнү менен куттуктап, инсандын, коомдун жана мамлекеттин өнүгүүсү үчүн билимдин өзгөчө маанисин белгиледи: “Билим күнү – бул ар бир үй-бүлөгө, ар бир балага, бүтүндөй мамлекетке тиешелүү майрам. Билим – инсандын өнүгүүсүнүн, коомдун бекем пайдубалынын жана өлкөнүн келечегинин негизги булагы” – деп белгиледи. Адылбек Касымалиев өлкөдө билим берүү системасын өнүктүрүү боюнча жүргүзүлүп жаткан масштабдуу иштерди, анын ичинде жаңы мектептерди ачууну эске салды. Ал акыркы күндөрү Кыргызстанда 101 жаңы мектеп ачылганын, ал эми бүгүн республика боюнча дагы 15ке жакын мектеп ачылып жатканын билдирди. “Бүгүн Кожомкул айылынын тургундары үчүн кош кубанычтуу күн – айылда жаңы мектеп ачылып жатат. Өкүнүчтүүсү – мектеп “курулушу көп күттүргөн объект” болуп турган. Акыры бүттү. Баарыңыздарды жаңы мектептүү болушуңуздар менен чын дилимден куттуктайм! Бул жерде ыңгайлуу жана натыйжалуу окуу үчүн бардык керектүү нерселер бар: жабдуулар менен жабдылган класстар, заманбап компьютердик класстар, ашкана, 120 орундуу сахнасы бар кенен актовый зал, душтары бар ыңгайлуу спорттук зал, ошондой эле мектептин аймагындагы аянтчалар – футбол, баскетбол жана волейбол аянтчалары” – деп баса белгиледи Касымалиев. Ал жаңы мектеп заманбап билим берүү борбору гана болбостон, айылдын маданий жана спорттук турмушунун борборуна айланарына ишенимин билдирди.

**Даярдаган**
**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

Энергетикадагы саамалык

***Кооздугу көз жоосун алган өлкөбүз асман тиреген аска-тоолордон, ак калпак кийгендей мөңгүлөрдөн турат. Мөңгүлөр бул – биз ичип жаткан суу. Ошондой эле, агып түшкөн сууга гидроэлектр станцияларды куруп, пайдалансак болот. Биздеги Токтогул баштаган ири жана чакан ГЭСтер ага мисал. Дагы жүздөгөн ГЭСтерди куруп, пайдаланууга ыңгайлуу шарттар бар. Бирок, суунун башында туруп, ал мүмкүнчүлүктү толук пайдалана албай келдик. Эгемендүүлүктү алгандан кийин жеке кызыкчылыгын ойлогон жетекчилер ГЭСтерди курмак мындай турсун, Союз маалында салынган электр станцияларды жакшы карабай, шалдыраган абалга алып келди. Анын азабын азыр тартып, жыл сайын өскөн тартыштыкты жаба албай, электр энергиясын сырттан сатып алып жатабыз.***



# КАЗАРМАН ЖАНА КӨКӨМЕРЕН КАСКАДДАРЫ БОЮНЧА КЕЛИШИМ ТҮЗҮЛДҮ

Албетте, 2020-жылдагы бийлик алмашуудан кийин, тагыраагы журт башына Садыр Жапаров келип, эки тизгин бир чылбырды алган соң башка тармактардай эле энергетикада дагы кырдаал болуп көрбөгөндөй өзгөрдү. Ири ГЭСтер менен катар чакан ГЭСтерди куруу колго алынып, алар бир чекеден ишке киргизилип жатат. Ага баарыбыз өз көзүбүз менен күбө болуудабыз. Жакынкы күндөрдө дагы бир жакшы жаңылык орун алды. Тактап айтсак, ушул жуманын башында Казарман жана Көкөмерен каскаддарын курууга түрк ишкерлери 6 миллиард доллар салмай болду. Тиешелүү келишимге 25-августта кол коюлганын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев билдирип, 2024-жылы "Борбор Азия Инвестициялык Холдинг" компаниясы түзүлгөнүн ачыктады.

## 5 ЖЫЛДА 5 МИЛЛИОН ДОЛЛАР ЖАРДАМ

Ага чейин Энергетика министри Таалайбек Ибраев "Орто Азия инвестициялык холдинги" ААКтын Директорлор кеңешинин төрагасы Ахмет Мюджахит Орен, Директорлор кеңешинин мүчөсү Гезер Селчук, башкармалыктын төрагасы Сур Мухаммет Халук менен бир нече жолу жолугушуу өткөрүп, "Казарман ГЭС каскадын куруу" долбоорлорун ишке ашыруу боюнча КР Министрлер Кабинети менен "Орто Азия Инвестициялык холдинги" ААКтын ортосунда инвестициялык келишимдерге кол коюлган.

Долбоордун болжолдуу суммасы 3 млрд долларды түзөт. Техникалык-экономикалык негиздемеси жана долбоор толук жасалгандан кийин Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлиги тарабынан экспертизадан өткөрүлүп, долбоордун так суммасы аныкталат. Ошондой эле "Суусамыр-Көкөмерен ГЭСтер каскадынын курулушу жөнүндө" Министрлер Кабинети менен "Орто Азия инвестициялык холдинги" ААКтын ортосунда инвестициялык келишимдерге кол коюлган. Долбоордун болжолдуу баасы 3,2 млрд долларды түзөт. Аталган документтерге энергетика министри Т.Ибраев жана "Орто Азия инвест холдинг" ААКтын Директорлор кеңешинин төрагасы Ахмет Мюджахит Орен кол койгон.

Мындан тышкары, келишимде социалдык милдеттенмелер да камтылган. Ага ылайык, инвестор 2025-жылдан 2030-жылга чейин 5 жылдык мөөнөткө жыл сайын 5 млн доллар өлчөмүндө (Кыргызстандын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык салыктарды жана жыйымдарды кошкондо) акысыз (демөөрчүлүк) жардам көрсөтүүгө даяр экендигин билдирет.

## ИНВЕСТОР ЭМНЕЛЕРДИ КАМСЫЗ КЫЛАТ?

5 жылдык мөөнөткө (2025–2030-ж.) жыл сайын 5 млн доллар өлчөмүндө социалдык салым, анын ичинен – жетим балдарга жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына даректүү жардам көрсөтөт (ай сайын 1,8 млн АКШ доллары, 1000 жетим балага 150 АКШ доллары). Экинчиси, Кыргызстандын тиешелүү министрликтеринин мамлекеттик органдарынын атайын жабдууларын жана материалдык-техникалык базасын модернизациялоону каржылайт (3,2 млн АКШ доллары). Үчүнчүсү, ГЭСтер курулуп жаткан аймактардагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык программаларына катышат. Төртүнчүсү, тараптар тарабынан кошумча макулдашылган жардамдын башка формалары узундугу 340 км болгон 500 кВ электр берүү линиясын куруп, аны " КУЭТ" ААКнын балансына өткөрүп берет. Бешинчиси, ГЭС курулгандан кийин иштегенге кесипкөй инженер адистерди даярдап, жумуш орун менен камсыз кылат. Алтынчысы, Энергетика министрлигин жана медицина тармагын атайын техникалар менен камсыздайт.

Белгилей кетсек, Казарман ГЭСтер каскады Нарын дарыясында жайгашып, курамында 4 ГЭС бар. "Орто Азия инвестициялык холдинги" ААК компаниясы каскаддын 3 ГЭСин курууга кызыкдар. Алар – Ала-Буга ГЭСи – 600 МВт; Кара-Булуң-1 ГЭСи – 149 МВт; Кара-Булуң-2 ГЭСи – 163 МВ. Жалпы кубаттуулугу 912 МВт. Ал эми Көкөмерен ГЭСтер каскадынын курамында 3 ГЭС бар. Алар – Каракол ГЭСи – 33 МВт; Көкөмерен ГЭСи-1 – 360 МВт; Көкөмерен ГЭСи-2 – 912 МВт. Жалпы кубаттуулугу 1305 МВт.

Буга чейин мамлекетте стабилдүүлүк болгондо гана Кыргызстанга инвесторлор келет деген сөздөр айтылып келген. Президент Садыр Жапаров: "Дүйнө жүзү Кыргызстанда тартип орноп, мамлекет чыңдалып калганын көрөрү менен олуттуу инвесторлордун агымы бир нече эсеге көбөйдү" деп айтканы да бар. Анын далили ар бир тармакта көрүнүп, энергетикага да ири инвесторлор келип жатат. Муну ар бирибиз эске алып койгонубуз оң.

## ТӨРТ ЧАКАН ГЭС ИШКЕ БЕРИЛЕТ

Энергетика тармагындагы дагы бир жакшы жаңылыкты кыстара кетишибиз керек, 31-август Эгемендүүлүк күнүндө өлкөдө төрт чакан ГЭС ишке берилди. Бул дагы акыркы учурдагы Президенттин үзүрлүү ишинин үзүмү десек болот. Эки жылдын ичинде бир нече чакан ГЭСтер ишке кирген. Ушул жуманын этегинде Ысык-Көл облусунда "Боз-Учук", "Койсу" чакан ГЭСтери, Чүй облусунда "Ысык-Ата-2" жана Жалал-Абад облусунда "Аксый" чакан ГЭСтери ишке берилет. Албетте, бул бир эле чекеси. Жалпысынан быйылкы жылы чет өлкөлүк жана жергиликтүү инвесторлордун, жеке ишкерлердин күчү менен курулуп жаткан 18 чакан ГЭС ишке киргени турат. Тизмектей кетсек:

Лейлек ГЭСи – 6 МВт, Баткен облусу, Лейлек району;
Кожо-Кайыр ГЭСи – 0,6 МВт Баткен облусу, Кадамжай району;
Койсу ГЭСи – 8.7 МВт Ысык-Көл облусу, Ысык-Көл району;
Санарип ГЭСи – 2 МВт Чүй облусу, Москва району;
Алай Гидро ГЭСи – 4.4 МВт Ош облусу, Алай району;
Боз-Учук ГЭСи – 5.54 МВт Ысык-Көл облусу, Ак-Суу району;
Авлетим ГЭСи – 2.6 МВт Жалал-Абад облусу, Аксы району;
Адын-Ункур ГЭСи – 0.85 МВт Ош облусу, Кара-Суу району;
Кара-Жыгач ГЭСи – 1 МВт Жалал-Абад облусу, Токтогул району;
Аксый ГЭСи – 4.75 МВт Жалал-Абад облусу, Аксы району;
Ысык-Ата-2 ГЭСи – 4 МВт Чүй облусу, Ысык-Ата району;
Шамшы ГЭСи – 1.7 МВт Чүй облусу, Чүй району;
Кондук ГЭСи – 5.3 МВт Ош облусу, Кара-Кулжа району;
Кен-Тор-1 ГЭС – 1.3 МВт Чүй облусу, Ысык-Ата району;
Карагай-Булак – 1 ГЭС - 2 МВт Чүй облусу, Ысык-Ата району;
Карагай-Булак – 2 ГЭС - 2 МВт Чүй облусу, Ысык-Ата району;
Сокулук ГЭС - 3 – 9.5 МВт Чүй облусу, Сокулук району;
Туюк ГЭСи – 5.9 МВт Чүй облусу, Сокулук району.

Чынын айтышыбыз керек, соңку 4 жылдан бери чакан ГЭСтердин курулушу арбыды. Анын жемишин да көрө баштадык. Чакан ГЭСтер менен катар ири ГЭСтерде реконструкция жүрүп, агрегаттар алмаштырылып жатат. Курулуп жаткан ири жана чакан ГЭСтер ишке кирсе Кыргызстан ички керектөөнү камсыздоодон тышкары, электр энергиясын сыртка экспорттоого мүмкүнчүлүк алат. Энергетика министрлигинин маалыматы боюнча учурда жалпы республика боюнча 40 чакан ГЭС иштеп жатса, 37 чакан ГЭСтин курулушу жүрүүдө. Быйыл дагы жогоруда көрсөтүлгөн 18 чакан ГЭС ишке кирсе, 2026-жылы 147 МВт, 2027-жылы 191 МВт кошулат. Ошондой эле 2028-жылдан 2030-жылга чейин дагы 44 МВт кубаттуулуктагы чакан ГЭСтердин ишке кирүүсү пландалууда. Эгемендүүлүк алган күндөн тарта мамлекеттин башына келген жетекчилер азыркыдай иштегенде, бүгүн энергия булагын күргүштөтүп экспорттогон деңгээлге жетмекпиз. Аттиң деп, мына азыр бармак тиштеп отурабыз. Элди ойлобогон жетекчилер ичип-жегенден башканы билген эмес экен да...

**Зулпукаар САПАНОВ**

Майда, бирок маанилүү

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШИ БАШТАЛДЫ

7-чакырылыштагы Жогорку Кеңештин 5-сессиясынын ачылышы кечээ Жогорку Кеңештин имаратынын жаңыдан оңдолгон залында өттү. Парламенттин Төрагасы Нурланбек Тургунбек уулу сессияны ачып жатып, депутаттар көп жылдардан бери биринчи жолу Жогорку Кеңештин жаңыдан оңдоп-түзөөдөн өткөн имаратында отурганын белгиледи. Ошого катар Төрага бул залда өлкөнүн, ар бир кыргызстандыктын тагдырына оң таасирин тийгизе турган объективдүү, туура жана адилет чечимдер, мыйзамдар кабыл алынарына ишеним билдирди. Ал эми социалдык түйүндөрдө Жогорку Кеңеш жакынкы күндөрдө таркап кетери тууралуу сөздөр кеңири айтылууда. Анын чын-бышыгына жакынкы күндөрдө күбө болобуз.

## ЖОЛ КУРУУ ИШТЕРИ 20-ОКТЯБРГА ЧЕЙИН АЯКТАЙТ

Бишкек шаарындагы жол куруу иштери 20-октябрга чейин толук аяктайт. Бул тууралуу мэриянын Транспорт жана жол-транспорттук инфраструктураны өнүктүрүү департаментинин директорунун орун басары Абдыжапаркул Жанболотов билдирди. Анын айтымында, быйылкы жылга 15 көчөнү оңдоп-түзөө планга киргизилсе, анын 7 көчөсүндө жумуштар аяктап, 5 көчө толук кандуу ачылды. Калгандарында жумуштар кийинки айда жыйынтыкталат.

## ТОКОЙ КЫЗМАТЫНА 30 УНАА ТАПШЫРЫЛДЫ

Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу токой кызматына "Jak" үлгүсүндөгү 30 жаңы унаа тапшырылды. ӨКМ министри Бообек Ажикеев унааларды тапшырып жатып, токойчулардын жумушу ары жоопкерчиликтүү, ары түйшүктүү экенин белгиледи. "Эгемендүүлүк майрамына карата токой тармагына чоң дем берилди. Бул биз үчүн абдан чоң сүйүнүч. Андан сырткары, облустук административдик кеңсе салынды. Муну Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин курулуш компаниясы мурунку колониянын ордуна бир жылдын ичинде салып бүтүрдү. Бизде болуп жаткан өзгөрүүлөр – техникалар алынабы, кеңселер салынабы же эс алуучу зоналар курулабы мунун баары бюджеттен каржыланып, Өлкө Башчысы Садыр Жапаровдун тапшырмасы, Камчыбек Ташиевдин көзөмөлдөөсү менен ишке ашырылууда" деди Ажикеев. Белгилей кетсек, өлкө аймагында 44 токой чарбасы жана 2,5 миллион гектар токой аянты бар. Токой кызматы акыркы жылдары миллиондогон жаш көчөттөрдү отургузуу жана көрктөндүрүү иштерин жүргүзүп, токой аянтын көбөйтүү, коргоо аракеттерин көрүп келүүдө.

## QR-КОД КОЛДОНГОНДОР КӨБӨЙДҮ

QR-код менен төлөм жүргүзүү Кыргызстандагы эң популярдуу технологиялардын бири болуп калды. Акыркы 3 жылдын ичинде ELQR системасы аркылуу төлөмдөрдүн көлөмү дээрлик 85 эсеге өсүп, 275 миллиард сомду түзгөн. Бул тууралуу Улуттук банктын төрагасы Мелис Тургунбаев билдирди. Анын айтымында, ELQR QR коддорунун бирдиктүү улуттук стандарты 2019-жылы ишке киргизилген жана өлкөнүн бардык банктарын жана төлөм кызматтарын бирдиктүү системага бириктирүүгө мүмкүндүк берген.

## ЖАҢЫ ЭРЕЖЕЛЕР

Кыргызстанда жол эрежесин бузган айдоочуларга карата жаңы эрежелер күчүнө кирди. Бул тууралуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо мамлекеттик агенттигинин бөлүм башчысы Адилет Сейталиев билдирди. Анын айтымында, жол эрежесин бузган айдоочуну токтоткондо, андан инспектор дароо экспресс-тест алат. Эгер тесттен өтпөй калса, айдоочуга 2 ай даярданууга убакыт берилет. Экзамен тапшырууга мүмкүнчүлүктөрдүн саны чектелбейт. Бирок белгиленген мөөнөттө тапшырбаса, анда ал айдоочулук күбөлүгүнөн ажыратылат. Тиешелүү маалымат болсо, дароо "Түндүк" тиркемесинен көрүнөт.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ,**
**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

БИЛИМ МАЙРАМЫ

# МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЖАҢЫ СТАНДАРТЫ

***Жаңы окуу жылынан тартып мектептерде окутуу жаңы Мамлекеттик билим берүү стандарты боюнча жүргүзүлөт деп билдирилди Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги тарабынан. Бул саамалыкты ишке ашыруу максатында республикабыздын мектептеринде 1-12-класстар үчүн предметтик стандарттар жана программалар жаңыланган. Ошондой эле Эгемендүүлүктүн тарыхында биринчи жолу өлкөнүн бардык мектептерине жаңы муундагы окуу китептери массалык түрдө жеткирилүүдө. Кыска мөөнөттө масштабдуу даярдыктар көрүлүп, он миңдеген педагогдор жаңы шарттарда ишенимдүү иштөө үчүн тренингдерден жана семинарлардан өтүшкөн. Мугалимдерге методикалык санариптик колдоо көрсөтүлүп, алардын арасында 27 миңден ашуун "Алтын Казык" ноутбуктары бөлүштүрүлүп, дагы ушунча ноутбук башка мугалимдерге жыл ичинде берилери белгилүү болду. Мугалимдерге жана ата-энелерге окутуу процессин жакшыраак көзөмөлдөөгө жардам бере турган электрондук күндөлүктөр жана санариптик платформалар түзүлдү.***



Өлкө боюнча мектептерди ондоо жана куруу боюнча чоң иш жүргүзүлүп, окуу жылынын башталышына карата жаңы курулган 63 мектеп жана 19 бала бакча пайдаланууга берилген.

Ал эми 1-сентябрь күнү Кыргыз Республикасынын Агартуу министри Догдуркүл Кендирбаеванын Билим күнүнө карата жалпы элге кайрылган куттуктоосунда "Бул күн жөн гана сабактардын башталышын билдирбестен, Кыргызстандын билим берүү тарыхындагы жаңы баракты да билдирет. Бүгүн биз бүткүл билим берүү системасын жана анын негизги бөлүгүн масштабдуу трансформациялоонун баштатында – 12 жылдык мектептик билим берүүгө өтүүнүн шарттарында биринчи окуу жылын тосуп жатабыз. Бул жыл өзгөчө – өзгөрүүлөрдүн, жаңылануунун жана өнүгүүгө умтулуунун жылы. Өлкөбүздүн көз карандысыздыгынын 30 жылында биз биринчи жолу билим берүү тармагында системалуу жана масштабдуу реформаларга бардык. Ондогон жылдар бою Кыргызстанда окуу китептерин басып чыгаруу жаатында бирдиктүү саясат, туруктуу каржылоо болгон эмес. Окуу китептери чачыранды түрдө – жылына бир-эки аталыштан, көбүнчө эл аралык долбоорлордун эсебинен жарык көрүп келген. Башталгыч, орто же жогорку мектеп үчүн окуу китептеринин топтому бизде эч качан болгон эмес.

Бүгүн абал өзгөрдү. Өлкөбүздүн Президентинин тапшырмасы менен биринчи жолу жаңы муундагы окуу китептерин массалык түрдө басып чыгарууга 744 млн сом бөлүндү. Биринчи жолу биз быйылкы жылдан тартып жаңыланган программалар жана жаңы Мамлекеттик билим берүү стандарты боюнча окуй турган 1-2 жана 5-7-класстар үчүн окуу китептеринин толук топтомдорун чыгарып жатабыз. 3-9-класстар үчүн англис тили боюнча окуу китептери чыкты, математика жана табигый илимдер боюнча окуу китептерин чыгаруу иши аяктап жатат. Үч жылдан кийин Кыргызстандын бардык окуучулары окуу китептери менен толук камсыз болушат" - деп билдирген.

Жыйынтыгында кирип келген жаңы окуу жылы менен мамлекет ар бир баланын өнүгүүсүнө шарт түзүү үчүн биринчи жолу окуу китептерине, санариптештирүүгө жана кадрларды даярдоого болуп көрбөгөндөй каражат бөлүп бергендиги жана 90 миңден ашуун мугалим кайра даярдоонун жана окутуунун эсебинен кесиптик жаңылануга ээ болуп, бүгүн алар формалдуу көрсөткүчтөргө эмес, баланын жыйынтыгына багытталган жаңы методикаларды колдонууга даяр экендиги белгилүү болду. Министр Догдуркүл Кендирбаева өз сөзүндө өлкөбүздүн жалпы мугалимдерине да кайрылып, "Мамлекет өзүнүн ишин жасады: стандарттар, окуу китептери, программалар жана финансылар менен камсыздап берди. Мамлекет башчысы билдиргендей, жаңы жылдан тартып базалык билим берүү кызматкерлеринин эмгек акысынын жогорулашы күтүлүүдө. Эми булардын баары сиздердин ар күндүк эмгегиңиздердин аркасында гана мааниге ээ болот» - деген пикирин билдирген.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда 1,5 миллиондон ашуун мектеп окуучулары билим алууда. Алардын ар бири – мамлекетибиздин эртеңки келечеги. Ошондуктан мугалимдер да, ата-энелер да, коомчулук да балдардын тагдыры үчүн тең жоопкерчилик тартары айкын.

Өткөн 30 жыл ичинде билим берүү системасы ар кандай түйшүктөрдү жана чечилбеген маселелерди топтоп келди. Бир күндө же бир жылда баары өзүнөн-өзү оңолуп кетпей турганы да чындык. Бирок бүгүн өлкө жетекчилигинин саясий колдоосу, тармакты ачык-айкын өнүктүрүү саясаты, туруктуу каржылоо жана тажрыйбалуу адистердин командасы бар экендиги – келечекке үмүт арттырат. Билим берүү кызматтарын жакшыртуу боюнча бардык аракеттердин өзөгүндө балдардын кызыкчылыгы турат. Ошондуктан мамлекет менен мугалимдердин, ата-энелер менен коомчулуктун бирдиктүү кадамы гана алдыдагы кыйынчылыктарды жеңүүгө шарт түзөт.

Бизди бириктирген эң чоң күч – балдарыбызга болгон сүйүү жана Кыргызстанды жаркын келечекке жеткирүү тилеги.

**Махабат САИДРАХМАНОВА**

КЫЯЛДАР ИШКЕ АШАТ!

**Жашыл электростанциялар ассоциациясынын төрайымы Кундус КЫРБАШЕВА:**

# "АЛГАЧКЫ ШАМАЛ ГЕНЕРАТОРУН ИЙГИЛИКТҮҮ ОРНОТУП АЛДЫК»

***Кыргызстан энергетикалык келечекке чечкиндүү кадам таштады. Анткени, өлкөдө алгачкы жолу шамал генератору орнотулуп, жашыл энергетиканы өнүктүрүүнүн жаңы доору башталды. Бул долбоор келечекте өлкөнүн бардык аймактарына жайылганы турат. Биз саамалыкты утурлай, долбоордун автору, Жашыл электростанциялар ассоциациясынын төрайымы Кундус Кырбашевага кайрылып, шамал генераторлорунун орнотулушу тууралуу сөз кылдык.***

**- Кундус айым, мындан бир топ жылдар мурда сиз шамал станцияларынын тетиктерин Португалиядан алдырганыңызды айтып бердиңиз эле. Жакында орнотулган генератор ошол тетиктерден куралдыбы?**

- Ооба, биз Кыргызстанга шамал станцияларын куруу идеясынын үстүндө иштеп баштаганыбызда немец өндүрүшүндөгү тетиктерди Португалиядан алдырып, аны орнотуу иштери ушул күнгө туш болду. Кыргызстанга узундугу 24,5 метр болгон шамал генераторунун тетиктерин узак жол басып, Португалия, Испания, Франция, Германия, Польша, Беларусь, Россия, Казакстан өлкөлөрү аркылуу алып келгенбиз.

**- Демек, идея узак убакыттарда ишке ашыптыр да?**

- Ошентсе да биз генераторду орнотуп, максатыбызга жеткенибизге кубанып турабыз. Долбоорубуз 100 мегаваттык долбоор. Азыр 1 мегаваттык генератор орнотулду. Жакында ишке беребиз деп турабыз. Өлкөдө электр энергиясына муктаждык жыл сайын өсүп жатат. Бизде энергиянын 90 пайыздан ашыгын суудан алгандыктан башка булактарды дагы кароо зарылчылыгы пайда болууда. Ошондуктан, соңку жылдарда кайра жаралуучу булактар жаатында жакшы аракеттер көрүлүүдө. Биздин идея дал ушул тармакка байланган. Андыктан, шамал генераторунун орнотулушу жөн гана генерация эмес, бул улуттун кыялы, көп жылдык эмгектин жемиши, жашыл келечекке жол ачкан символ. Мындан кийин биздин тоолорду аралап өткөн шамал эми электр энергиясына айланып, өлкөбүздү жарыктандыра баштайт деп кубанып турабыз.



Бул - Кыргызстандын жаңы доору, жашыл энергетиканын жаңы барагы, шамалдын күчүнөн жаралган келечек.

**- Менимче, кыялыңыздын ишке ашышы оңойго турган жок окшойт?**

- Чынын айтсам оңой болгон жок. Долбоорду 2017-жылы эле баштаганбыз. Айрыкча жер маселесинде көп кыйналдык. 2021-жылдан тарта гана жылыштар болуп, Президентибиз Садыр Жапаровдун жашыл энергетиканы колдоосунун натыйжасында иштер алга жыла баштады. Жер боюнча маселелер чыкканда ошол тармакта иштеген аткаминерлерден жардамдын деле кереги жок болду. Болгону маселени түшүнбөгөн соң, тоскоол болбошун сурандык. Шамалдан энергия алуу идеясын биринчилерден болуп көтөрүп чыккандыктан, логистикадан да аябай азап тарттык. Эми баары жолго коюла баштады. Жакында генераторлорду коюуну улантабыз. Мен абасы таза, энергетикасы таза өлкөдө жашагым келет. Келечек муундарыбызга да ушундай өлкө калтырып кетсек деген тилегим бар.

**- Шамал генераторлорун буга чейин чет өлкөлөрдөн гана кезиктирип келдик да. Мисалы, Казакстанда шамалдан энергия алуу өнүккөн.**

- Жашыл энергетика боюнча идеяларды бийлик колдоп турса гана ишке ашат. Башта айтып өткөндөй, азыр колдоо болуп жылыш бар. Казакстанда бийлик бул маселеге олуттуу карап, шамалдан энергия алууну дароо колдоого алган. Менин жашыл суутекке байланыштуу да көп пландарым бар. Аларды ишке ашырууга да мезгил келип жетер деп турам. Кыскасы, жашыл энергетика Кыргызстанга да канатын жая баштады.

**- Айымдар үчүн энергетика тармагы оор тармактай сезилет. Эмне үчүн энергетиканы тандап алгансыз?**

- Кыргыз айымдары азыр бардык тармакта. Энергетика мен үчүн оор эмес. Тескерисинче, кызыктуу.

***Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА***

**P.S.:** *Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттигинен билдиришкендей, өлкө аймагында катуу шамалдын көп кайталануучу аймактары катары Балыкчы шаарынын аймагы эсептелет. Андыктан алгачкы шамал генератору так ушул аймакка орнотулду. Балыкчы шаарында бир жыл ичинде катуу шамалдын байкалышы орточо эсеп менен 150-160 учурду түзөт. Анын ичинен 90%ды секундасына 15-20 метрге жеткен шамал, секундасына 21-24 метрге жеткен шамал 7%, секундасына 25 метрден жогору 3%ды түзөт. Айрым учурларда анын күчү 30-34 метрге жеткен катуу шамалдар катталат.*

*Ал эми аймактар боюнча алганда:*

*- Ысык-Көл облусунда: Чолпон-Ата, Каракол, Түп, Жети-Өгүздө шамалдын ылдамдыгы секундасына 12-15 метр, айрым учурларда 25-28 метрге жетет;*

*- Чүй облусунда: Бишкек, Кара-Балта, Токмокто шамалдын ылдамдыгы секундасына 12-15 метр, айрым учурларда 30 метрге жетет;*

*- Талас облусунда: Талас шаарында жана Кара-Буурада шамалдын ылдамдыгы секундасына 12-15 метр, айрым учурларда 30 метрге жетет;*

*- Нарын облусунда: Нарын шаарында, Ат-Башы, Жумгал, Кочкор, Кара-Кужурда шамалдын ылдамдыгы секундасына 12-15 метр, айрым учурларда 28-30 метрге жетет;*

*- Жалал-Абад облусунда: Жалал-Абад шаарында, Чычкан, Чаткал, Аксыда шамалдын ылдамдыгы секундасына 12-15 метр;*

*- Ош облусунда: Ош шаарында, Кара-Суу, Өзгөн, Ноокат, Алайда шамалдын ылдамдыгы секундасына 12-15 метр, айрым учурларда 21-25 метрге жетет;*

*- Баткен облусунда: Баткен шаарында жана Лейлекте шамалдын ылдамдыгы секундасына 12-15 метр, айрым учурларда 25-28 метрге жетет.*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

КҮНДҮН СОБОЛУ

# БАЗАРДАГЫ БААНЫ ООЗДУКТООГО БОЛОБУ?



***Барган сайын муктаждыктын жогорулап жатканынан улам Кыргызстанда күйүүчү майга болгон баанын жогорулашы күтүлүп жатканын өлкөнүн Нефтетрейдерлер ассоциациясынан билдиришти. Анда негизги импортёр болгон Россияда күйүүчү майдын биржадагы баасы акыркы мезгилде бир нече жолу рекорд жаңылап, көтөрүлгөнү айтылган. Ал эми соңку убакта эттин баасына карата мамлекеттик көзөмөл күчөтүлгөнү менен азырынча түшөөрү байкалбайт. "Ак төөнүн карды жарылган" мындай учурда базардагы азык-түлүк, мөмө-жемишке карата баалардын куну ыксыз учуп, катардагы карапайым көпчүлүктүн кыйла шайын оодарууда. Инфляция күч алган азыркыдай шартта базардагы бааларды ооздуктоого болобу? Кымбатчылыктын кабшабынан карапайым элди кантип сактап калабыз? Биз мындай соболдорго бул жолу жооп издедик.***



**Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты Карамат ОРОЗОВА:**

## "БААЛАРДЫН КЫМБАТТАШЫ ЭЛДИН ЖАШООСУН ООРЛОТОТ"

- Абдан туура, көйгөйлүү суроолорду көтөрүп жатыпсыңар. Мындай шартта эң оболу баалардын көтөрүлүшүнүн себебин аныктап алалы... Эл аралык норма боюнча инфляция канча көтөрүлсө эмгек акы, пенсия, жөлөк пул баштаган төлөмдөр да ошого карата көтөрүлүшү керек. Мыйзам же болбосо кандайдыр бир чечимдер элдин турмуш-шартын оорлото турган болбошу керек. Албетте, баалар көтөрүлгөн сайын элдин жашоо-шарты оорлоп баратат. Аныгында баалардын өсүүсүнүн терс таасири өтө көп. Калкты арзан, ошол эле маалда экологиялык жактан таза азык-түлүк менен камсыз кылуу боюнча тиешелүү мамлекеттик органдар атайын программа кабыл алып, тез арада анын үстүндө иштөө керек. Өлкөбүздүн эң чоң байлыгы – биздин калкыбыз.



**Жарандык активист Мавлян АСКАРБЕКОВ:**

## "ЭТТИН БААСЫН КӨЗӨМӨЛДӨӨ УТУРУМДУК ГАНА ЖЫЙЫНТЫК БЕРЕТ"

- Экономика мамлекетте жүргүзүлүп жаткан саясатка көз каранды. Белгилүү миллиардер, ири ишкер Дерипаска Казакстандын бюджети Орусиянын бюджетинен ашып кетүү себебин түшүндүрүп, андагы экономикалык өсүүнүн негизги шарттарын атаган: 1. Мыйзамдын үстөмдүгү. 2. Жеке менчиктин корголушу. 3. Тышкы инвесторлордун тартылышы. 4. Жемкорлуктун жок болушу. 5. Мамлекеттин кийлигишүүсүнүн системдик түрдө азайышы. Бул талапшсыз талаптарга кошо биздин реалдуулукта экономикалык көз карандылыктан, мисалы күйүүчү майдын 95%ы бир мамлекеттен импорттолот, азык-түлүк, транзиттик ж.б. арылуу, ички өндүрүштү өнүктүрүү, четтен сатып алууларды диверсификациялоо зарыл. Бул системдүү жана концептуалдуу сунуш. Ал эми талаш жаратып жаткан эттин баасын мамлекет тарабынан көзөмөлдөө, тыюу салуу ж.б.у.с. чаралар утурумдук гана эффект берет.




**Журналист Адилет АЙТИКЕЕВ:**

## "ЭТТИН БААСЫН КҮЧ МЕНЕН КАРМАП ТУРУУГА БОЛБОЙТ"

- Бул маселеде күйүүчү май менен эттин баасын өз-өзүнчө бөлүп кароо керек. Анткени, күйүүчү майдын баасынын артында геосаясат "жыттанып турганын" жакшы билесиңер. Бул жаатта бизде монополисттик саясат өкүм сүрүп калган. Ал эми эттин баасын тиешелүү мамлекеттик органдар тыкыр көзөмөлгө алышканы менен тыңгылыктуу деле натыйжа чыкпайт. Алар бааны түшүрө алышпайт. Жасалма жол аркылуу бааны түшүргөнүбүз менен суроо-талап көп. Мал аз болсо баа бир орунда турбайт. Кымбаттайт. Анткени, этке болгон суроо-талап жогору, эттин өндүрүмү болсо чектелүү. Мал баккан фермерлер, ортодогу алып саткан касапчылар мезгилдик суроо-талаптарга, айрым учурларда чайкоочулукка карай бааларды өйдө-ылдый түшүрө беришет. Аларды кандайдыр бир мыйзам аркылуу деле тыя албайсың. Мындай шартта чайкоочулукту азайтуунун бир гана жолу – аларга альтернатива түзүү керек. Альтернатива түзүш үчүн айланып келип эле фермерлер менен кардарлардын ортосунда кандайдыр бир көпүрөлөрдү түзүү абзел. Ошондой эле жер-жерлерде муниципалдык атайын эт дүкөндөрү менен касапканаларды мамлекет уюштуруп, ортомчулук милдетти аткарса да болот. Бүгүн мамлекетибиз этке болгон көзөмөл саясатынан алыстап туруп, тескерисинче кийинки жылдан тарта каржылык же субсидиялык системага өтүп, мал баккан фермерлерди ар тараптан колдоо саясатын жүргүзүп, эт өндүрүшүн көбөйтсө жакшы болмок. Мындай шартта этти өзүбүздүн ички керектөөбүзгө гана эмес, экспортко чыгарууга да шарт түзүлмөк. Дагы айтам, эттин баасын күчтөп кармаганда өтө деле майнап чыкпайт.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

ТЕГЕРЕК СТОЛ




# ЖҮРӨК ДАРТЫНА КАРШЫ ЖАҢЫ КАМЫЛГАЛАР

***Бишкекте кардиологиялык кызматтарды жакшыртуу, анын заманбап моделдери жана келечеги талкууланган тегерек стол өттү. Иш-чара М.Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борбору менен Россиянын Е.Чазов атындагы Улуттук кардиологиялык изилдөө борборунун кызматташуусунун алкагында уюштурулган. Бул иш-чарага кыргызстандык кардиологдор жана Россиянын Улуттук кардиологиялык медицина изилдөө борборунун башкы директору Сергей Бойцов катышышты. Мында эки өлкө ортосунда жогорку технологиялуу жүрөк-кан тамыр ооруларын заманбап дарылоо моделин түзүү маселелери талкууланды.***

## ООРУ ЖАШАРУУДА

Иш-чарада Улуттук кардиология жана терапия борборунун директору Талант Сооронбаев Кыргызстанда жүрөк-кан тамыр ооруларынын (ЖКТО) жүгү жана өлүм көрсөткүчү жогору экенин айтты. «Тилекке каршы, жүрөк жана кан тамыр оорулары жашарып бара жатат. Айрыкча эмгекке жөндөмдүү курактагы адамдардын өлүмүнүн жогору болушу кооптондурат. Жыл сайын 30 жаштан 60 жашка чейинки болжол менен 20 миң адам жүрөк-кан тамыр ооруларынан мезгилсиз көз жумууда. Андыктан кардиологиялык кызматты чындоого өзгөчө көңүл бурулууда», - деди ал.

Кыргыз Республикасында жүрөк-кан тамыр оорулары калктын өлүм көрсөткүчүнүн 52%ын түзөт. Дарыгерлер жүрөк-кан тамыр ооруларынын негизги себептери тамеки чегүү, туура эмес тамактануу, физикалык активдүүлүктүн жетишсиздиги, ашыкча дене салмагы, кан басымдын жогорулашы жана кандагы канттын, холестериндин көлөмүн көзөмөлдөөнү белгилешет.

## «ДЕНИ САК ЖҮРӨК» УЛУТТУК ПРОГРАММАСЫ

Өлкөбүздүн башкы кардиологу Талант Сооронбаев Кыргызстанда «Дени сак жүрөк» улуттук программасы ишке ашырылып жатканын билдирди. "Программанын негизги максаты – кардиология борборунун базасында жогорку технологиялуу жүрөк-кан тамыр кластеринин жаңы моделин түзүү болуп эсептелет" дейт.

Эске салсак, жакында Улуттук кардиология жана терапия борборунда жаңы эл аралык деңгээлдеги рентгенхирургиялык эксперттик борбор түзүлдү. Аны менен катар «Курч миокард инфаркты 24/7» программасы ийгиликтүү ишке киргизилген. Анын натыйжасында минден ашык бейтап өз убагында жардам алып, толук кандуу жашоого кайтып келишүүдө. Бүгүн Улуттук кардиология жана терапия борборунда бейтаптар үчүн жогорку технологиялуу медициналык жардамдар, стенттер жана электрокардиостимуляторлор коюлуп, заманбап операциялар жасалып келет. Кардиологиялык кызматтарды дагы да жакшыртуу мезгил талабы экенин дарыгерлер баса белгилеп келишет.

## АЙМАКТАГЫ БОРБОРЛОРГО КӨҢҮЛ БУРУЛАТ

Ушу тапта өлкө аймактарындагы кардиологиялык борборлорду өнүктүрүүгө да өзгөчө көңүл бурулууда. Быйыл Талас, Нарын, Балыкчыда бейтаптарга кардиологиялык кызматтар кеңейтилет. Бул үчүн аймактардагы борборлорго зарыл болгон жабдуулар сатып алынып, жакын арада орнотулары күтүлүүдө. Мындан тышкары, райондук деңгээлде жүрөк-кан тамыр ооруларынын алдын алуу, эрте диагностика жана дарылоо боюнча интеграцияланган системаны түзүү иштери башталды. Бул үчүн санариптик технологиялар колдонулат. Натыйжада алыскы айылдарда да дарыгерлер курч инфарктты тез аныктап, борбордун адистери менен бирге бейтапка кайсы жерде жардам көрсөтүлөрүн чечүүгө мүмкүнчүлүк алышат. «Учурда биздин "Дени сак жүрөк" программасы Президенттик Администрациянын кароосунда турат. Аталган программанын алкагында 2030-жылга чейин жүрөк-кан тамыр ооруларынан өлүмдү 25%га чейин кыскартууну жана болжол менен 5 миң адамдын өмүрүн сактап калууну максат кылуудабыз. Биз үчүн эң башкысы – ар бир Кыргызстандын жараны үчүн медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгү жана сапатын кымсыздоо», - дейт башкы кардиолог Талант Сооронбаев.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

# ӨРТ КООПСУЗДУГУН КАМТЫГАН ЖАҢЫ КИТЕП

Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Өрттү көзөмөлдөө кызматынын инспекторлору үчүн өрт коопсуздук эрежелерин комплекстүү камтыган колдонмо китеп басылып чыкты.

Ведомстводон маалымдашкандай, китеп Өзгөчө кырдаалдар министри Бообек Ажикеевдин көрсөтмөсү менен кызматкерлердин натыйжалуу иш алып барууусун камсыз кылуу жана Кыргызстанда өрт коопсуздук эрежелеринин аткарылышын туура уюштуруу максатында инспекциялык кызмат иштеп чыккан.

Колдонмо китепте Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген өрт коопсуздук эрежелери тууралуу кенен түшүнүктөр, жеке жана юридикалык жактар үчүн колдонулуучу нормативдик укуктук актылар, мамлекеттик, социалдык, коммерциялык имараттардын, турак жайлардын жана башка объектилердин өрт коопсуздугун камсыз кылуудагы негизги өзгөчөлүктөр камтылды.

50 нускама менен даярдалган колдонмо борбордогу жана республикадагы бардык кызматкерлерге берилди. Ал эми кызыккан тараптар Министрлер Кабинетинин жогоруда көрсөтүлгөн токтому аркылуу да тааныша алат.

# БИШКЕК–БАЛЫКЧЫ КАТТАМЫ

Бишкек–Балыкчы поезд каттамы 6-сентябрга чейин узартылды. Бул тууралуу "Кыргыз темир жолу" ишканасынан билдирити.

Маалыматта белгиленгендей, жүргүнчүлөрдүн кайрылууларын эске алуу менен Бишкек–Балыкчы № 608/609 жүргүнчү поездинин каттамы 1-сентябрдан 6-сентябрга чейин узартылды. Ал эми поезддин жүрүү убактысы жана жол жүрүү шарттары өзгөртүлгөн жок. Бир гана 5-сентябрда техникалык себептерден улам каттамдын графиги төмөнкүдөй болуп өзгөртүлдү.

Эске салсак, Бишкек-2 бекетинен поезд саат 8.45те жөнөп, Балыкчыга 13.16да жетет. Ал эми Балыкчыдан 19.26да чыгып, Бишкек-2 бекетине саат 23.56да келет.

**«Эркин-Тоо" пресс**

## ЖАНЫБАРЛАРДЫН ӨЗГӨЧӨ КОРКУНУЧТУУ ЫЛАНДАРЫНЫН ТИЗМЕГИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Эпизоотиялык бакубаттуулукту жана ветеринардык-санитардык коопсуздукту камсыз кылуу максатында, «Ветеринария жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1, 28-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Жаныбарлардын өзгөчө коркунучтуу ыландарынын тизмеги (мындан ары – Тизмек) тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн Тизмекке киргизилген жаныбарлардын өзгөчө коркунучтуу ыландарын алдын алуу, диагностикалоо жана жоюу үчүн ветеринардык дары каражаттарын сатып алуу республикалык бюджеттин каражаттарынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактардын эсебинен каржыланат деп;

2) Кыргыз Республикасынын башкы мамлекеттик ветеринардык инспекторуна Тизмекте каралган жаныбарлардын ыландарынын артыкчылыгына жана маанилүүлүгүнө жараша бөлүнгөн финансылык каражаттарды пайдалануунун аныктоо укугу берилет деп.

**3.** Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги ушул токтомго ылайык финансылык каражаттардын максаттуу жана сарамжалдуу пайдаланылышын контролдоону камсыз кылсын.

**4**. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 23-майындагы №374 «Диагностикалык изилдөөлөр, профилактикалык эмдөөлөр жана жок кылуу боюнча иш-чаралар республикалык бюджеттин каражаттарынан каржыланчу ыландардын тизмесин бекитүү жөнүндө» токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**5**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 28-августу, №536***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТЕХНИКАЛЫК ЖӨНГӨ САЛУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Техникалык жөнгө салуу чөйрөсүндө мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү процесстерин оптималдаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы №267 "Шайкештикти баалоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасында продукциялардын шайкештигин милдеттүү түрдө ырастоо жүргүзүүнүн тартибинде:

- 4.2-пункттун "г" пунктчасындагы "же нотариалдык жактан" деген сөздөр алып салынсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 6-декабрындагы №741 "Адал индустрияны өнүктүрүү чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Продукциянын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн "адал" стандарттарына шайкештигин сертификаттоо, маркалоо системасын жүргүзүүнүн, ишке ашыруунун жана аны өлкөлөр арасында өз ара таануунун тартибинде:

- 12-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"12. Өтүнмөнү Мамлекеттик порталга жиберүүдө төмөнкү документтердин өтүнмө ээсинин мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү тиркелет:".

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 28-августу, №537***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛЫК КОДЕКСИНИН 268 ЖАНА 297-БЕРЕНЕЛЕРИНИН ТАЛАПТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 268-беренесинин 2-бөлүгүн, 297-беренесинин 1-бөлүгүнүн 13-пунктун ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын аймагында дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды өндүрүүгө дем берүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын аймагына жеткирүүдө жана импорттоодо кошумча нарк салыгын (мындан ары – КНС) төлөөдөн бошотулган дары каражаттарынын тизмеги 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын аймагына жеткирүүдө жана импорттоодо КНС төлөөдөн бошотулган медициналык буюмдардын тизмеги 2-тиркемеге ылайык;

3) Кыргыз Республикасынын аймагына импорттоодо КНС төлөөдөн бошотулган дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды өндүрүүдө колдонулуучу баштапкы материалдардын тизмеги 3-тиркемеге ылайык.

**2.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматы менен биргеликте 2025-жылдын 31-сентябрына чейинки мөөнөттө дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды ташып келүү боюнча маалыматтарды берүү боюнча электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнү камсыз кылсын.

**3**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 29-августу, №539***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАТКЕН ОБЛУСУНУН БАТКЕН РАЙОНУНУН СУУ-БАШЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕЛЕРИН "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "КАЛКТУУ КОНУШТУН ЖЕРЛЕРИ" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Баткен районунун Суу-Башы айыл аймагынын Бужум айылынын тургундарын турак жай менен камсыз кылуу, Суу-Башы айыл аймагына жаңы шаар куруу боюнча долбоорду ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Жер кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 2-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын 29-апрелиндеги №01-18/1736 корутундусун, Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Баткен райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 22-апрелиндеги №37, 2025-жылдын 28-майындагы №43, 2025-жылдын 29-майындагы №44 жана 2025-жылдын 17-июлундагы №64 токтомдорун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Баткен районунун Суу-Башы айыл аймагынын Бужум айылында жайгашкан, мамлекеттик менчикте турган жалпы аянты 120,0 га жер тилкелери "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштун жерлери" категориясына которулсун (трансформациялансын), анын ичинен:

– №324 (21,7 га), №896 (40,5 га), №897 (6,0 га), №902 (12,90 га), №903 (0,50 га), №906 (37,35 га) контурлардагы 118,95 га – таштуу жайыт;

– №324 (0,10 га), №896 (0,30 га), №902 (0,30 га), №906 (0,05 га) контурлардагы 0,75 га – жолдор жана мал айдап өтүүчү жолдор үчүн жерлер;

– №324 (0,20 га), №906 (0,10 га) контурлардагы 0,3 га – суу астындагы жерлер.

**2.** Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Баткен районунун Суу-Башы айыл аймагында жайгашкан, мамлекеттик менчикте турган жалпы аянты 760,26 га жер тилкелери "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштун жерлери" категориясына которулсун (трансформациялансын), анын ичинен:

– №2621' (0,19 га), №2619 (11,26 га), №2617 (23,07 га), №2609 (13,93 га), №3018' (2,3 га), №2660 (6,23 га), №3017 (0,25 га), №2662' (0,6 га), №3021 (3 га), №3023 (1,6 га), №2661 (3,5 га), №2662 (4,8 га), №2664 (4,37 га), №3016 (4,6 га), №3020 (0,4 га), №2669 (9,16 га), №2671 (12,47 га), №2665 (3,5 га), №2666 (3,65 га), №2667 (8,26 га) контурлардагы 117,14 га – жайыттар;

– №2672 (7,2 га), №1708 (6,44 га), №1709 (13,48 га), №1710 (7,43 га), №1711 (2,56 га), №1728 (2 га), №1725 (14,32 га), №1724 (12,33 га), №1713 (0,24 га), №1723 (20,93 га), №2826 (3,5 га), №1720 (4,15 га), №2825 (1,1 га), №1719 (0,3 га), №1718 (8,57 га), №1717 (3,35 га), №1816 (0,4 га), №2814 (0,7 га), №1817 (15,33 га), №2824 (2,6 га), №2830 (9,8 га), №2835 (0,34 га), №2829 (50,9 га), №2836 (0,8 га), №2837 (1,3 га), №2838 (0,29 га), №2843 (0,68 га), №2828 (17 га), №2827 (2,9 га), №2836' (4,9 га), №2856 (29,54 га), №2858 (3,85), №2859 (0,43 га), №2846 (7,5 га), №2847 (1,6 га), №2844 (0,49 га), №2848 (0,4 га), №2855 (10,73 га), №2853' (13,28 га), №2849 (5,1 га), №2851 (5,8 га), №2603 (9,14 га), №2608 (3,08 га), №2604 (4,96 га), №2607 (1,5 га), №2823 (17,19 га), №2812 (1,2 га), №2832 (0,6 га), №2834 (3,28 га), №2833 (3,71 га), №2815 (29,01 га), №2816 (0,1 га), №2817 (5,46 га), №2998 (4,6 га), №2996 (2,27 га), №2993 (16,3 га), №3005 (0,69 га), №3000 (6,66 га), №2991 (6,06 га), №2989 (0,88 га), №2674 (4,67 га), №2850 (0,8 га), №2818 (2,65 га), №3007 (4,6 га) контурлардагы 423,97 га – таштуу жайыт;

– №2625 (0,02 га), №2626 (75,94 га), №2617 (2,91 га), №2671 (5,7 га), №2667 (2,4 га), №2618 (5,81 га), №2618' (1,46 га), 2612 (4,2 га), №2614 (5,42 га), №2613 (4,5 га), №2668 (2,6 га), 3014 (10,7 га), №2620 (27,79 га) контурлардагы 149,45 га – айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун кайрак айдоо жерлери;

– №2619 (0,3 га), №2617 (0,4 га), №2609 (0,5 га), №3018 (0,3 га), №2660 (0,4 га), №3017 (0,1 га), №2662' (0,2 га), №3021 (0,3 га), №3023 (0,2 га), №2661 (0,4 га), №2662 (0,5 га), №2664 (0,3 га), №3016 (0,5 га), №3020 (0,1 га), №2669 (0,4 га), №2671 (0,6 га), №2665 (0,4 га), №2666 (0,2 га), №2667 (0,3 га), №2672 (0,2 га), №1708 (0,2 га), №1709 (0,5 га), №1710 (0,2 га), №1711 (0,1 га), №1728 (0,1 га), №1725 (0,2 га), №1724 (0,2 га), №1723 (0,3 га), №2826 (0,1 га), №1720 (0,1 га), №1817 (0,1 га), №2824 (0,1 га), №2830 (0,1 га), №2829 (0,7 га), №2836 (0,1 га),№2837 (0,1 га), №2843 (0,1 га), №2857 (0,2 га), №2828 (0,2 га), №2827 (0,1 га), №2836' (0,2 га), №2856 (0,6 га), №2858 (0,1 га), №2846 (0,2 га), №2847 (0,1 га), №2855 (0,4 га), №2853 (0,2 га), №2853' (0,2 га), №2849 (0,1 га), №2851 (0,1 га), №2603 (0,3 га), №2845 (0,4 га), №2608 (0,1 га), №2604 (0,1 га), №2823 (0,3 га), №2834 (0,1 га), №2833 (0,1 га), №2815 (0,8 га), №2817 (0,2 га), №2998 (0,1 га), №2996 (0,1 га), №2995 (0,1 га), №2993 (0,2 га), №3000 (0,1 га), №2991 (0,1 га), №3006 (0,2 га), №2674 (0,1 га), №2818 (0,1 га), №3007 (0,1 га) контурлардагы 16,2 га – суу астындагы жерлер;

– №2669 (0,1 га), №2671 (0,6 га), №2667 (0,1 га), №2672 (0,1 га), №1708 (0,1 га), №1725 (0,2 га), №1724 (0,2 га), №1723 (0,1 га), №2825 (0,1 га), №1717 (0,1 га), №1817 (0,1 га), №2824 (0,1 га), №2830 (0,2 га), №2829 (0,2 га), №2853' (0,1 га), №2851 (0,1 га), №2603 (0,1 га), №2998 (0,3 га) контурлардагы 2,9 га – жолдор;

– №3019 (0,88 га), №3022 (1,2 га), №3024 (0,3 га), №3018 (0,1 га), №1726 (0,5 га), №2857 (0,8 га), №2854 (0,1 га), №2853 (0,5 га), №2845 (2,26 га), №2994 (0,5 га), №2995 (0,6 га), №2992 (0,1 га), №2990 (0,2 га), №3006 (0,5 га), №2831 (1,94 га), контурлардагы 10,48 га – башка жерлер;

– №2997 (5,3 га), №2999 (25,34 га), №3008 (8,7 га) контурлардагы 39,34 га – кысыр аңыз жерлер;

– №2852 контурдагы 0,5 га – курулуштар;

– №865 контурдагы 0,28 га – башка пайдалануудагы жерлер.

**3.** Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун Баткен райондук мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) бул токтомдун 1 жана 2-пункттарында көрсөтүлгөн жер тилкелерин максаттуу пайдаланууну;

3) жогоруда көрсөтүлгөн жер тилкелерине шаар куруу документтерин Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарына ылайык жана курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоо менен иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

4) жамгырдын жана эриген кардын сууларын чыгаруу системасын коопсуз эксплуатациялоону, ошондой эле башкы планда каралган жер титирөөгө каршы иш-чараларга мониторинг жүргүзүүнү жана тиешелүү аймактагы кооптуу жаратылыш процесстерине жана кубулуштарына аларды божомолдоо боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу менен контролдоо жүргүзүүнү;

5) өздүк каражаттардын, республикалык жана жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен региондун жашоо-тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштешин жана өнүгүүсүн, ошондой эле социалдык-экономикалык өнүгүүсүн уюштурууну;

6) Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинде тарыхый-маданий мурас объекттери аныкталган учурда аларды сактоону;

7) бул токтомдун 1 жана 2-пункттарында көрсөтүлгөн жер тилкелерин пайдаланбаган же аны максаттуу багыты боюнча пайдаланбаган учурда, жерди милдеттүү түрдө баштапкы абалына келтирүү менен жерди пайдалануучуга карата чараларды көрүүнү;

8) "Санитардык-коргоо зоналары жана ишканалардын, курулмалардын жана башка объекттерди санитардык классификациялоо" санитардык-эпидемиологиялык эрежелерин жана ченемдерин сактоону;

9) айыл чарба жана токой чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайданын ордун толтуруу наркын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төлөөнү.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 28-августу, №538***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО



АЙМАК ӨНҮКСӨ – МАМЛЕКЕТ ӨНҮГӨТ

## Тоң районунун Ак-Терек айыл аймагынын башчысы Ж

# “МЕКТЕП, БАЛА БАКЧА ДОЛБООРЛОРДУН НЕГИ





Коңур-Өлөң айылындагы бала бакчанын ачылыш аземи



***Ак-Терек айыл аймагынын башчысы Жыргалбек Зарнаев белгилегендей, учурда аткарылып жаткан долбоорлор жана иш-чаралар айылдын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө түздөн-түз салым кошуп, элдин жашоо-шартын жакшыртууга багытталган. «Биздин негизги максатыбыз – жергиликтүү тургундарга ыңгайлуу шарттарды түзүү, алардын күнүмдүк жашоосун жеңилдетүү жана билим берүү, маданият сыяктуу маанилүү тармактарда сапаттуу кызмат көрсөтүүнү камсыз кылуу. Бул багыттагы иштер айыл өкмөтүнүн жана жергиликтүү коомчулуктун биргелешкен аракети менен ишке ашырылууда. Мындай долбоорлор бир гана учур менен чектелбестен, мындан ары да үзгүлтүксүз улантылат» - дейт Жыргалбек Жакшылыкович. Ошондой эле келечекте дагы жаңы демилгелерди ишке ашыруу пландары бар экенин баса белгилеп, айыл аймагынын өнүгүүсү үчүн бардык аракеттер көрүлөрүн ырастап, биз менен болгон маегинде төмөндөгүлөргө токтолду.***

**- Жыргалбек Жакшылыкович, аймакта социалдык тармак боюнча бир катар ири долбоорлорду ишке ашырып жатыпсыздар. Бул долбоорлордун негизги багытына токтолуп өтсөңүз...**

- Тоң районунун Ак-Терек айыл аймагында 2025-жылга карата билим берүү, маданият жана социалдык инфраструктураны жакшыртуу багытында бир катар маанилүү иштер жүрүп жатат. Бул багытта Ак-Терек айыл аймагында 2024-жылдын аягында дем берүүчү гранттын алкагында үч ири долбоор даярдалып, райондук финансы бөлүмүнө өткөрүлгөн. 2025-жылы бул долбоорлор Министрлер Кабинети тарабынан жактырылып, аймак үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачты.

Учурда Кызыл-Туу айылындагы М.Жумаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин ашканасын капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүү, Көл-Төр айылындагы Ж.Айтикеев атындагы мектептин жылуулук системасын толугу менен оңдоо, Ала-Баш айылындагы айылдык клубду капиталдык оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлүп жатат.

Кызыл-Туу айылындагы М.Жумаев атындагы мектептин ашканасын капиталдык ремонттоонун сметалык баасы 3 млн 32 миң 650 сом деп белгиленсе, тендердин жыйынтыгында 2 млн 892 миң 993 сомго ишке ашыруучу компания тандалды.

Көл-Төр айылындагы Ж.Айтикеев атындагы мектептин жылуулук системасын жаңылоо долбоорунун сметалык баасы 3 млн 673 миң 970 сомду түзсө, ал эми тендерден уткан сумма 3 млн 34 миң 289 сом болду.

Мындан сырткары, Р.Жангазиев, М.Кидибаев, Н.Садыков жана И.Текеев атындагы жалпы билим берүү мектептерине ар бирине 10дон видеокөзөмөл камерасы орнотулуп, бул иштерге жергиликтүү бюджеттен 272 350 сом бөлүндү.

Көл-Төр айылындагы Ж.Айтикеев атындагы мектептин ажатканасын салууга Тоң өнүктүрүү фондунан 200 000 сом каралып, тендердин жыйынтыгы боюнча 182 710 сомго курулуш иштери бүткөрүлүп, санитардык шартты жакшыртуу жана окуучулар үчүн ыңгайлуу шарт түзүүдө чоң салым болду.

Комсомол айылында 175 орундуу жаңы мектептин курулушу башталууда. Бул долбоор республикалык бюджеттен каржыланып, тендер өткөрүлүп, келишим түзүлдү. Азыркы тапта курулуш иштери толук масштабда башталууга даяр.

Кызыл-Туу айылындагы айылдык китепкана да көңүл сыртында калган жок. Китепканага керектүү жабдуулар алынып, бул иштер үчүн жергиликтүү бюджеттен 21 233 сом бөлүндү.

Ала-Баш айылындагы маданият үйүнүн капиталдык ремонтунун сметалык баасы 4 млн 999 миң 955 сомду түзсө, тендер жыйынтыгы боюнча 4 млн 294 миң 96 сомго оңдоп-түзөө жүргүзүлмөкчү. Тогуз-Булак айылындагы маданият үйүнө 220 орунга ылайык театралдык отургучтар жасалып жатат. Бул иштерге жергиликтүү бюджеттен 666 000 сом бөлүндү.





Кара-Коо айылындагы К.Исаков атындагы маданият үйүнүн терезелери жаңыланып, оңдоо иштери жасалды. Бул максатта жергиликтүү бюджеттен 40 847 сом жумшалса, терезелерге жалюзи алуу үчүн кошумча 39 984 сом каралды.

**- Сиздердин аймакта бала бакчаларга өзгөчө көңүл бурулуп, бир топ иштер жасалып жатыптыр. Булар боюнча айта кетсеңиз?**

- Ооба, быйыл биздин аймакта бала бакчалар боюнча жакшы иштер жүргүзүлүп жатат. Комсомол айылында февраль айында 50 орундуу бала бакча ишке берилип, аймактагы ата-энелер үчүн чоң кубаныч тартууланды. Бул курулушка жалпы 22 307,8 миң сом жумшалып, Ысык-Көл өнүктүрүү фондунан 10 038,5 миң сом, Катар фондунан 11 000, 0 миң сом, Тоң райондук өнүктүрүү фондунан 1 269,3 миң сом бөлүнгөн. Ошол эле учурда бала бакчага керектүү буюмдарды алуу үчүн жергиликтүү бюджеттен 48 550 сом бөлүндү.

Тогуз-Булак айылында 100 орундуу бала бакчанын курулушу улануууда. Анын сметалык

## ыргалбек ЗАРНАЕВ:

# АЛАРДЫН ШАРТЫН ИРИ
# ИЗИНДЕ ЖАКШЫРТУУДАБЫЗ”

баасы 88 270,3 миң сомду түзүп, толук каржылоо республикалык бюджеттен жүргүзүлүүдө.

Коңур-Өлөң айылында 50 орундуу бала бакча курулуп бүтүп, үстүбүздөгү жылдын 19-июнунда салтанаттуу ачылышы өттү. Долбоордун наркы 35 млн 322 миң 826 сом болду. Бул бакчага эмеректерди алуу үчүн райондук өнүктүрүү фондунан 419 100 сом, жергиликтүү бюджеттен 101 915 сом бөлүндү.

Мындан тышкары, Кызыл-Туу айылында 150 орундуу эки кабаттуу бала бакчанын курулушу үчүн жер маселеси чечилип, алгачкы иштер башталды. Кара-Коо айылында да 250 орундуу бала бакча курууга даярдык көрүлүп, тиешелүү документтери бүткөрүлдү. Долбоорду мамлекеттик бюджеттен каржылоо пландалууда.

Бар-Булактагы №6 бала бакчанын учурдагы оңдоп-түзөө иштерине жергиликтүү бюджеттен 23 043 сом, Кара-Коодогу №8 бала бакчага жергиликтүү бюджеттен 22 440 сом бөлүнүп, керектүү курулуш материалдары алынды. Көл-Төрдөгү №9 бала бакчага балдар ойноочу беседка үчүн материалдар алынып, жергиликтүү бюджеттен 67 736 сом жумшалды.

Коопсуздукту камсыздоо максатында Кара-Коо, Бар-Булак жана Көл-Төр айылдарындагы бала бакчаларга ар бирине 7ден видеокөзөмөл орнотулду. Бул иштер үчүн 173 000 сом жергиликтүү бюджеттен каралды.

Саламаттыкты сактоо тармагы да көңүл сыртында калбастан Бар-Булак айылына жаңы ФАПтын жери аныкталып, документтери бүткөрүлдү. Ошондой эле бул айылдагы ФАПка өрт өчүрүүчү щит орнотулуп, жергиликтүү бюджеттен 13 800 сом бөлүндү. Кара-Коо айылындагы ооруканага септик салуу боюнча тендер жарыяланып, курулуш иштери 4 млн 900 миң 520 сомго жүргүзүлмөкчү. Кызыл-Туу айылындагы ФАПтын айланасы тосулуп, жергиликтүү бюджеттен 150 890 сом каралды.

**- Бүгүнкү күндө айылдарда ирригация, ички жолдорду оңдоо, көчөлөрдү жарыктандыруу боюнча да алгылыктуу иштер жүргүзүлүүдө. Сиздерде да бул жаатта иштер жүрүп жатса керек?**

- Көчөлөрдү жарыктандыруу багытында Ала-Баш, Дөң-Талаа, Комсомол айылдарына 50 прожектор коюлуп, буга жергиликтүү бюджеттен 56 500 сом сарпталды.

Ички жолдор боюнча Кара-Коо айылынын 4 көчөсүнө кум төшөлүп түздөлсө, Бар-Булак айылынын 1 көчөсү оңдолду. Жергиликтүү бюджеттин эсебинин күйүүчү май бөлүнүп, Бар-Булак пансионатына баруучу 4 км жол аралыгы грейдер техникасы менен тегизделди. Тогуз-Булак, Дөң-Талаа, Комсомол айылдарынын ар биринде 2 көчөгө кум-шагыл төшөлүп, түздөө иштери жүргүзүлдү.

Ирригация боюнча Кара-Коо айылындагы суу кетүүчү арыктарга 5 түтүк салынып, Кара-Коо жана Кызыл-Туу айылдарынын 230 га айдоо жериндеги суу баруучу шлюз толук ремонттон өтүп, көпүрө оңдолду.

Көкүчкөн суу сактагычы боюнча документтер даярдалып, курулуш боюнча сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Кызыл-Туу айылындагы арыктарды экскаватор менен тазалап, Тогуз-Булак айылында сел коркунучуна каршы 2,2 чакырым дамба бекемделди.

ӨКМ тарабынан Кызыл-Туу айылындагы узундугу 3,7 чакырым болгон Ак-Терек суусунун сайын тазалоо, Коңур-Өлөң суусундагы 1,8 чакырым дамбаны бекемдөө иштери жүрсө, Көл-Төр суу сактагычында механикалык тазалоо иштери жергиликтүү бюджеттин каражатынын негизинде аткарылды.

Кызыл-Туу, Кара-Коо, Бар-Булак айылдарына асбест трубалар жана шакекче алынып зарыл болгон жерге коюлса, буга жергиликтүү бюджеттен 219 700 сом жумшалды.

Бар-Булак пансионатындагы 9,96 га жердин 1,2 га жерин 15 жылга ижарага берүү боюнча конкурс өткөрдүк. Бул жакка курула турган туристтик курулуштун долбоору Өкмөт түзгөн долбоор менен ишке аша турган болууда. Ошондой эле пансионаттагы ажаткананы жабдуу үчүн жергиликтүү бюджеттен 102 860 сом бөлүнүп, керектүү материалдар менен камсыздалды.

**- Аймактарда таза суу көйгөйү курч бойдон турат. Бул багытта кандай иш-аракеттер жүргүзүлүп жатат?**

- Аймагыбыздагы Ала-Баш айылы үчүн эң маанилүү көйгөйлөрдүн бири болгон таза суу маселеси акырындык менен чечилип жатат. Учурда ФСДС уюмунун колдоосу менен таза суу системасын реконструкциялоо иштери жүрүүдө. Жалпы суммасы 1 800, 0 миң сом болсо, анын ичинен 380, 0 миң сом өздүк салым катары тартылды.

Кара-Коо айылындагы «Бакберген» айылдык суу бирикмесинин суу резервуарынын тегерегин тосууга жергиликтүү бюджеттен 96 776 сом бөлүнүп, коопсуздукту камсыз кылуу чаралары көрүлдү.

**- Жыргалбек Жакшылыкович, Мамлекет башчыбыз дени сак коом курууну, аймактарды жашылдандырууну ар дайым демилгелеп келет. Сиздерде бул жаатта да иштер жүрүп жатса керек?**

- Ала-Баш айылында кичи футбол аянтчасынын капиталдык ремонту кызуу жүрүп, ага Ысык-Көл өнүктүрүү фондунун колдоосу менен 986 708 сомго курулуш материалдары алынды.

Көл-Төр айылындагы кичи футбол аянтчасынын курулушу да соңуна чыгып, аянтча жаштардын сүйүктүү жайына айланганы турат. Бул долбоор Президенттик фонд тарабынан каржыланып, айыл өкмөтү тарабынан колдон келген жардам көрсөтүлүп, жергиликтүү бюджеттен 73 365 сом оңдоо иштерине бөлүндү.

Аймакта тартипти жана коопсуздукту камсыз кылуу максатында Кара-Коо айылында милиция бөлүмчөсү салынууда. Бүгүнкү күндө ал жактын жери такталып, тиешелүү документтери бүткөрүлүп, курулуш иштери башталды.

Ал эми Президентибиздин “Жашыл мурас” демилгесинин алкагында Ак-Терек айыл аймагында чоң иштер аткарылды. Айта кетсек, Кара-Коо жана Кызыл-Туу айылдарынын чоң жол жээгине ийне жалбырактуу бак-дарактардын көчөттөрү тигилди. Бул ишке жергиликтүү бюджеттен 73 360 сом бөлүнсө, айыл өкмөт тарабынан 50 түп туя, 150 түп арча, 150 түп балаты алынып берилди.

Бул багытта демөөрчүлөр да четте калбастан Эрмек Мамырканов өз демилгеси менен 100 000 сом каражат бөлүп, 50 түп карагай тигүүгө көмөк көрсөттү. Жалпысынан бул иштер үчүн жергиликтүү бюджеттен кошумча 105 000 сом, Тоң райондук өнүктүрүү фондунан 400 000 сом бөлүнүп, жол жээгин кооздоо үчүн материалдар алынууда. Кара-Коо, Кызыл-Туу айылдарынын жол жээгинде тигилген ийне жалбырактуу бак-дарактарды коргоочу тосмолор да курулуп, ага жергиликтүү бюджеттен 96 575 сом жумшалды.

Тарыхый мурастарыбызды коргоо боюнча Улуу Жеңиштин 80 жылдыгына карата Ак-Терек айыл өкмөтү аймактагы эстеликтерди жаңыртуу иштерин жүргүздү. Кара-Коо айылындагы эстеликти оңдоого жергиликтүү бюджетен 76 740 сом, ал эми башка айылдардагы эстеликтерди калыбына келтирүүгө 59 625 сом жумшалды.

**Кенже ОСМОНАЛИЕВА**



*Кара-Коо айылында милиция бөлүмчөсү салынууда*



*Аймактагы жашылдандыруу иштери*





*Дөң-Талаа, Тогуз-Булак айылдарындагы жол оңдоо иштери*



*Ала-Баш айылындагы кичи футболдук аянтча*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# АВТОМОБИЛЬ ТРАНСПОРТУ МЕНЕН ЖҮРГҮНЧҮЛӨРДҮ ТАШУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу максатында, “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 17-пунктуна, “Автомобиль транспорту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 4-августундагы №421 “Жол кыймылынын эрежелерин жана Транспорт каражаттарын пайдаланууга уруксат берүү боюнча негизги жоболорду жана жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо боюнча кызмат адамдарынын милдеттерин бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жол кыймылынын эрежелеринде:

– 1.2-пункттун сексен бешинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Такси” – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу боюнча кызмат көрсөтүүчү, жеке адамдарга жана юридикалык жактарга таандык, “Такси” деген таануучу белгиси, оң абалдагы таксометри, ташуучунун аталышы (дареги, телефон номери), айдоочунун аты-жөнү, транспорт каражатынын мамлекеттик каттоо номердик белгиси, лицензиянын номери жана жарактуулук мөөнөтү, айдоочунун сүрөтү көрсөтүлгөн табличкасы бар транспорт каражаттары. “Такси” таанытуучу белгиси “Т” деген баш тамгасы жана ичинен жарык күйгүзүлгөн чакмак белгилери бар трапеция түрүндө болуп, автомобилдин үстүнө биротоло же магнит менен орнотулат.”.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 23-сентябрындагы №519 “Кыргыз Республикасында автоунаа транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштуруунун эрежелерин бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасында автоунаа транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштуруунун эрежелеринде:

– 2-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

“Автоунаанын огуна карата рулдук дөңгөлөгү оң тарабында жайгашкан автоунааларды жүргүнчүлөрдү, жол жүктөрдү жана жүктөрдү коммерциялык ташуу үчүн пайдаланууга тыюу салынат.”;

– 4-пунктта:

отуз үчүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“ташуучу – жеке менчик укугунда же башка мыйзамдуу негиздерде автоунаа транспорт каражатына жана аймагына, транспорт каражаттарын сактоо, оңдоо үчүн өндүрүштүк-техникалык комплекске ээ болгон, жүргүнчүлөрдү жана жол жүктү ташуу боюнча кызматтарды көрсөтүүчү, буга тиешелүү лицензиясы бар же жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча кызматтарды тапшырык кылуу үчүн колдонулуучу аппараттык-программалык комплекси, интернет-платформаны жана (же) мобилдик тиркемени, колл-борборду пайдаланган юридикалык же жеке жак же болбосо автоунаа транспорт каражатына ээ болгон, жүргүнчүлөрдү жана жол жүктү ташуу боюнча кызматтарды көрсөтүүчү, ишкердик иштин жана/же жеке эмгек ишмердигинин субъекти катары катталган жана/же маалыматтык система аркылуу кызматтарды көрсөтүүчү жана ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленген тартипте берилген, ошол ишти жүзөгө ашыруу укугуна тиешелүү уруксаты (лицензиясы) бар жеке жак;”;

төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

“таксометр – жеңил таксинин жүрүшүнүн бирдигине жана (же) жеңил таксини пайдалануу убактысынын бирдигине белгиленген тарифтердин негизинде, анын ичинде мобилдик телефондо жана (же) планшетте маалыматтык системаны колдонуу аркылуу жеңил такси менен жүргүнчүлөрдү жана жол жүктү ташуунун максималдуу наркын эсептөө үчүн пайдаланылуучу техникалык каражат;

таксиге тапшырык берүүнүн маалыматтык системасы – мындай маалыматтык система менен кызматташкан үчүнчү жактардан жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча кызматтарды көрсөтүүнү тапшырык кылуу үчүн колдонулуучу программалык-аппараттык комплекс жана (же) интернет платформа жана (же) мобилдик тиркеме жана (же) колл-борбор.”;

– 2-главанын 11-параграфы төмөнкүдөй мазмундагы $104^1$-пункт менен толукталсын:

“$104^1$. Бишкек – Ош автожолунун тоолуу жерлеринде ушул главанын талаптарын сактоо менен төмөнкүлөр пайдаланылат:

– жыл бою, толук жүрүүчү механизми бар, өтүүсү жогорку деңгээлдеги автобустар;

– убактылуу, 1-майдан 15-октябрга чейинки мезгилде (климаттык шарттарды эске алуу менен), кичи жана өзгөчө кичи класстагы автобустар.

Эскертүү: өзгөчө учурларда жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча Бишкек – Ош автожолунун тоолуу жерлеринде кичи жана өзгөчө кичи класстагы автобустар пайдаланылышы мүмкүн.”;

– 109-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“109. Ички жасалга төмөнкүлөрдү камтыйт:

– бузугу жок таксометр;

– ташуучунун аталышы, дареги жана телефон номуру жазылган табличка.

Такси катарында пайдаланылуучу автоунаалар үчүн:

1) бузугу жок таксометр;

2) төмөнкүлөр көрсөтүлгөн (бар болгон) табличка:

– таксинин айдоочусунун аты-жөнү;

– автоунаа транспорт каражатынын мамлекеттик каттоо номердик белгиси;

– лицензиянын номери жана колдонуу мөөнөтү;

– айдоочунун сүрөтү.

Эскертүү: маалыматтык система пайдаланылган учурда маалыматтык система автоунаанын айдоочусунун аты-жөнү, ташуучунун аталышы жана анын дареги, ошондой эле автоунаа транспорт каражатынын мамлекеттик каттоо номердик белгиси, автоунаа транспорт каражатынын маркасы жана анын түсү жөнүндө маалыматты камтууга тийиш.”;

– 174-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“174. Сыйымдуулугу эң аз автобустар жана жеңил автоунаа-таксилер тейлеген каттамдарда түшүрүү, жүргүнчүнүн талабы боюнча, жол кыймылынын эрежелерин бузбай жүргүзүлөт.”;

– 189-пунктта “50” деген цифралар “60” деген цифраларга алмаштырылсын;

– төмөнкүдөй мазмундагы $190^1$-пункт менен толукталсын:

“$190^1$. Автоунаа-таксилерде жүргүнчүлөрдү ташуу иши менен алектенген айдоочунун сырткы көрүнүшү/кийими таза жана тыкан болушу керек.”;

– 194-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“194. Жеңил автоунаа-таксилерде жүргүнчүлөргө башка жүргүнчүлөрдүн кийимин же каптоочу материалды булгаган кийимчен жүрүүгө, эшиктердин жабылышына тоскоолдук кылууга же аларды автоунаа толук токтогуча ачканга, терезелерден баш салып кароого, отургучка балдарды тургузуп коюуга жана жол жүктү (кол жүктөрдү) коюуга, эшиктерди ачуу механизмдерин иштетүүгө, жүрүп баратканда айдоочуну алаксытууга жана аны менен сүйлөшүүгө, курч, кескич, жарылуучу, ууландыруучу, тез күйүп кетүүчү, булганыч, жегич жана коңурсуган нерселерди, капталбаган ок атуучу куралдарды ташууга тыюу салынат.”;

– 4-главанын 1-параграфы төмөнкүдөй мазмундагы $194^1$-пункт менен толукталсын:

“$194^1$. Такси тапшырык кылуунун маалыматтык системасы төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

– накталай эмес төлөө мүмкүнчүлүгүн, тапшырыктар жөнүндө маалыматты бөлүштүрүү системасынын болушун, автоунааны көзөмөлдөөнү, айдоочунун жана автоунаанын профилин, тапшырык карточкасын;

– ылдамдыкты контролдоонун жана айдоочунун бурууларын талдоонун автоматташтырылган системасын;

– каттамдан четтөөлөрдү контролдоонун жана пландалбаган аялдамаларды талдоонун автоматташтырылган системасын;

– каттам жөнүндө маалыматты берүү мүмкүнчүлүгүн берүүнү, ошондой эле шашылыш кызматтарды чакыруу функциясына жетүү мүмкүндүгүн;

– колдоо кызматынын күнү-түнү иштөөсүн уюштурууну;

– жүргүнчүлөрдү жана айдоочуларды камтыган ар бир сапарды кошумча камсыздандырууну;

– айдоочуларда тиешелүү жарактуу лицензиясынын болуусун (эскертүү: бул талап 2025-жылдын 1-декабрынан тартып күчүнө кирет);

– тапшырыктардын/чакыруулардын берилишин чектөө жолу менен белгиленген эмгек жана эс алуу режимин.”;

– 198-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“198. Калктуу конуштар ортосунда жүргүнчүлөрдү ташуулар боюнча шаарлар аралык таксилердин ишин уюштуруу жана кыймылын тартипке келтирүү АБ/АС тарабынан жүргүзүлөт, ошондой эле жеңил таксилер менен жүргүнчүлөрдү ташуу юридикалык жана жеке жактардын диспетчердик кызматтарынын тапшырыктары боюнча же такси тапшырыктарынын маалыматтык системасы аркылуу жүргүзүлөт.”;

– 207-пунктта:

биринчи абзацтагы “(жеңил автоунаа-таксилерде)” деген сөздөр алып салынсын;

экинчи абзацтагы “(автоунаа-таксилерде)” деген сөздөр алып салынсын;

төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

“Жеңил таксинин жүргүнчүсү же айдоочусу автоунаа транспорт каражатында унутулган буюмдарды, документтерди же акча каражаттарын тапкан учурда, айдоочу аларды кайтарып берүү максатында, анын ичинде маалыматтык система же диспетчердик кызмат аркылуу табуу фактысы жөнүндө ташыган жүргүнчүгө токтоосуз билдирүүгө милдеттүү. Жүргүнчү менен байланышууга мүмкүн болбогон учурда айдоочу бул тууралуу ташуучуга же маалыматтык системага же диспетчердик кызматка кабарлоого жана табылган (унутулган) буюмдарды, документтерди же акча каражаттарын сактоого өткөрүп берүүгө милдеттүү.”;

– ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакциядагы 21-тиркеме менен толукталсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 14-декабрындагы №678 “Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө жободо:

– 30-пункттун 3-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“3) мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсүн – юридикалык жак жана жеке ишкер үчүн же ишкердик ишке патенттин көчүрмөсүн жеке жак үчүн (жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташууга заказ үчүн колдонулуучу маалыматтык система аркылуу жеке жактар тарабынан жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча кызмат көрсөтүү учурларын кошпогондо, алар салыктар, салыктык эмес кирешелер жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздардын бар/жоктугу жөнүндө маалымкат берүүсү зарыл);”;

– 33-главанын аталышындагы “(жеңил таксилерди кошпогондо)” деген сөздөр алып салынсын;

– 227, 228-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“227. Кыргыз Республикасынын аймагында бир календардык жыл аралыгында колдонулуучу автомобиль транспорту (шаар аралык, шаардык жана шаар четиндеги) менен жүргүнчүлөрдү ташууга лицензия ажыратылгыс болуп саналат жана жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилет.

228. Автомобиль транспорту менен эл аралык жүргүнчүлөрдү ташууга (Кыргыз Республикасынын аймагынан сырткары же Кыргыз Республикасынын аймагында же Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу транзит менен) лицензия ажыратылгыс болуп саналат, “Транспорт жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык бир календардык жыл аралыгында колдонулат жана транспорт чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилет.”;

– 229-пунктта:

3-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“3) баланста же оперативдүү башкарууда, же өндүрүштүк-техникалык базаны ижаралоо укугунда төмөнкүлөр бар экендиги жөнүндө документтердин көчүрмөлөрүн: линияга чыгардын алдында транспорт каражаттарын контролдук механик тарабынан рейс алдында техникалык кароодон өткөрүү үчүн кароочу чуңкур; транспорт каражаттарынын коопсуз кирүүсү жана чыгуусу менен транспорт каражаттарын тургузуу үчүн тосулган аймак; нарколог медиктин айдоочуларды күн сайын рейс алдында медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүү үчүн жай; жүргүнчүлөрдү коопсуз ташууну камсыз кылуу жана айдоочулардын эмгегин коргоо боюнча инструктаж өткөрүү үчүн класс же менчик укугунда же оперативдүү башкаруу укугунда автотранспорт каражаттарын күн сайын рейс алдында техникалык кароо жана айдоочуларды медициналык кароо үчүн өндүрүштүк-техникалык базасы бар юридикалык же жеке жактар менен түзүлгөн келишимдин көчүрмөсүн (юридикалык жактар үчүн);”;

7-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“7) автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууга – тиешелүү категориядагы айдоочулук күбөлүгүнүн көчүрмөсүн, үч жылдан кем эмес кесиптик стажы жана ден соолугунун абалы жөнүндө белгиленген формадагы медициналык маалымкатты (жүргүнчүлөрдү ташуучу жеке жактар үчүн), кесиптик стажын ырастоо үчүн төмөнкү документтердин биринин (документтин түп нускасы көрсөтүлгөн учурда ар бир документтин көчүрмөсү документтерди кабыл алууга жооптуу адистин колтамгасы менен күбөлөндүрүлөт) күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн тиркөө менен:

– эмгек китепчеси;

– жүргүнчүлүк транспорт кызматтарын көрсөтүү боюнча ишкердик ишти жүзөгө ашырууга патент.”;

– төмөнкүдөй мазмундагы $229^1$, $229^2$-пункттар менен толукталсын:

“$229^1$. Шаар аралык жүрүүгө арналган жеңил автомобиль- таксилер менен (60 км ашык), ошондой эле айдоочунун ордун кошпогондо отуруу үчүн төрттөн ашык орундугу бар, шаардык жана шаар четиндеги ташуулар үчүн арналган (60 км ашык эмес) жеңил автомобиль-таксилер менен жүргүнчүлөрдү ташууга лицензия алуу үчүн арыз ээси кошумча төмөнкү документтерди берет:

1) юридикалык жактар үчүн:

– ташуучунун жүргүнчүлөрдүн алдындагы жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминин көчүрмөсү;

– баланста же оперативдүү башкарууда, же өндүрүштүк- техникалык базаны ижаралоо укугунда төмөнкүлөр бар экендиги жөнүндө документтердин көчүрмөлөрүн: линияга чыгардын алдында транспорт каражаттарын контролдук механик тарабынан рейс алдында техникалык кароодон өткөрүү үчүн кароочу чуңкур; транспорт каражаттарынын коопсуз кирүүсү жана чыгуусу менен транспорт каражаттарын тургузуу үчүн тосулган аймак; нарколог медиктин айдоочуларды күн сайын рейс алдында медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүү үчүн жай; жүргүнчүлөрдү коопсуз ташууну камсыз кылуу жана айдоочулардын эмгегин коргоо боюнча инструктаж өткөрүү үчүн класс же менчик укугунда же оперативдүү башкаруу укугунда автотранспорт каражаттарын күн сайын рейс алдында техникалык кароо жана айдоочуларды медициналык кароо үчүн өндүрүштүк-техникалык базасы бар

*(Уландысы 11-бетте)*

# АВТОМОБИЛЬ ТРАНСПОРТУ МЕНЕН ЖҮРГҮНЧҮЛӨРДҮ ТАШУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

*(Башталышы 10-бетте)*

юридикалык же жеке жактар менен түзүлгөн келишимдин көчүрмөсү;

– автомобилдик транспорт каражаттарын эксплуатациялоого, эмгекти коргоого жана ташуунун коопсуздугун камсыздоого жооптуу адистердин (жол кыймылынын коопсуздугу боюнча инженер) квалификациясын ырастаган документтердин (дипломдор, күбөлүктөр, сертификаттар) көчүрмөлөрү;

– өзүндө болгон автомобилдик транспорт каражаттары жөнүндө маалымат;

– адистердин дайындалышы жөнүндө буйруктун көчүрмөсү (эмгек келишими);

2) жеке жактар үчүн:

– транспорт каражатын каттоо жөнүндө күбөлүктүн, транспорт каражатын башкаруу укугуна ишеним каттын көчүрмөсү;

– техникалык кароодон өткөндүгү жөнүндө актынын көчүрмөсү;

– ташуучунун жүргүнчүлөрдүн алдындагы жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминин көчүрмөсү;

– менчик укугунда же оперативдүү башкаруу укугунда автомобилдик транспорт каражаттарын күн сайын рейс алдында техникалык кароо жана айдоочуларды медициналык кароо үчүн өндүрүштүк-техникалык базасы бар юридикалык же жеке жактар менен түзүлгөн келишимдин көчүрмөсү;

– үч жылдан кем эмес айдоочулук стажы бар тиешелүү категориядагы айдоочулук күбөлүктүн көчүрмөсү;

– белгиленген формадагы ден соолуктун абалы жөнүндө медициналык маалымкат;

– соттуулугу жоктугу тууралуу маалымкат.

$229^2$. Шаардык жана шаар четиндеги (60 км ашык эмес) ташууларга арналган, айдоочунун ордун кошпогондо отуруу үчүн төрттөн ашык эмес орундугу бар жеңил автомобиль-таксилер менен жүргүнчүлөрдү ташууга лицензия алуу үчүн арыз ээси кошумча төмөнкү документтерди берет:

1) юридикалык жактар үчүн:

– ташуучунун жүргүнчүлөрдүн алдындагы жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминин көчүрмөсү;

– колдо болгон автомобилдик транспорт каражаттары жөнүндө маалымдар;

– автомобилдик транспорт каражаттарын эксплуатациялоого, эмгекти коргоого жана ташуунун коопсуздугун камсыздоого жооптуу адистердин (жол кыймылынын коопсуздугу боюнча инженер) квалификациясын ырастаган документтердин (дипломдор, күбөлүктөр, сертификаттар) көчүрмөлөрү же ушул пунктта көрсөтүлгөн документтерди тиркөө менен юридикалык же жеке жак менен түзүлгөн келишимдин көчүрмөсү;

– адистерди дайындоо жөнүндө буйруктардын көчүрмөлөрү (эмгек келишими);

2) жеке адамдар үчүн:

– транспорт каражатын каттоо жөнүндө күбөлүктүн, транспорт каражатын башкаруу укугуна ишеним каттын көчүрмөлөрү;

– жүргүнчүлөрдү коопсуз ташууну камсыз кылуу жана айдоочулардын эмгегин коргоо боюнча инструктаж өткөрүү үчүн баланста же оперативдүү башкарууда же ижаралоо укугунда классы бар юридикалык жак (ташуучу, автопарк) менен түзүлгөн эмгек келишиминин көчүрмөсү;

– техникалык кароодон өткөндүгү жөнүндө актынын көчүрмөсү;

– ташуучунун жүргүнчүлөрдүн алдындагы жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу келишиминин көчүрмөсү;

– үч жылдан кем эмес айдоочулук тажрыйбасы бар тиешелүү категориядагы айдоочулук күбөлүктүн көчүрмөсү;

– белгиленген формадагы ден соолуктун абалы жөнүндө медициналык маалымкат;

– соттуулугу жоктугу тууралуу маалымкат.";

– 230-пунктта:

биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"230. Автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү (жеңил автомобиль-таксилерди кошпогондо) ташуу боюнча транспорттук ишти жүзөгө ашыруу үчүн негизги лицензиялык талаптар жана шарттар болуп төмөнкүлөр саналат:";

1-пунктчада:

тогузунчу абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– эмгек келишиминин же айкалыштыруу боюнча келишимдин негизинде иштеген жалданган айдоочуларда – ушул Жобонун 227 же 228-пункттарына ылайык колдонулуучу арналышы боюнча лицензиянын, салыктык каттоону (каттоо жөнүндө күбөлүк же патент) жана камсыздандыруу төгүмдөрүнүн төлөнгөндүгүн ырастоочу документтердин болушун камсыздоо;";

төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"– Кыргыз Республикасында автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууну уюштуруунун бекитилген эрежелерин жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарды сактоо;";

2-пунктча төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"– бул Жобонун 227 же 228-пункттарына ылайык колдонулуучу арналышы боюнча лицензиянын болушу.";

– 33-глава төмөнкүдөй мазмундагы $230^1$, $230^2$-пункттар менен толукталсын:

"$230^1$. Шаар аралык жүрүүгө арналган жеңил автомобиль-таксилер менен (60 км ашык), ошондой эле айдоочунун ордун кошпогондо отуруу үчүн төрттөн ашык орундугу бар, шаардык жана шаар четиндеги ташуулар үчүн арналган (60 км ашык эмес) жеңил автомобиль-таксилер менен жүргүнчүлөрдү ташууга негизги лицензиялык талаптар жана шарттар болуп төмөнкүлөр саналат:

1) юридикалык жактар үчүн:

– баланста же оперативдүү башкарууда төмөндөгүлөр менен өндүрүштүк-техникалык базанын болушу же ижара укугунда болушу: линияга чыгуунун алдында контролдоочу механик тарабынан автомобилдик транспорт каражаттарын рейс алдында техникалык кароодон өткөрүү үчүн кароо жүргүзүү чуңкуру; автомобилдик транспорт каражаттарынын коопсуз кирүү жана чыгуусу менен автомобилдик транспорт каражаттарын токтотуу үчүн тосулган аянт; медик-нарколог тарабынан айдоочуларды күн сайын рейс алдында медициналык күбөлөндүрүүнү жүргүзүү үчүн жайлар; жүргүнчүлөрдү коопсуз ташууну камсыз кылуу жана айдоочулардын эмгегин коргоо боюнча инструктаждарды өткөрүү үчүн класс;

– жол кыймылынын коопсуздугун жана техникалык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча айдоочуларга киришүү, айлык жана кварталдык инструктаждарды өткөрүү;

– айдоочулардын абалын күн сайын рейс алдында медициналык күбөлөндүрүүнү жана жолдомо баракчасына белги коюу менен автомобилдерди рейс алдында техникалык кароону жүргүзүү;

– айдоочулар үчүн белгиленген эмгек жана эс алуу режиминин айдоочулар тарабынан сакталышын контролдоо жана камсыз кылуу;

– транспорттук ишти камсыз кылуучу ички өндүрүш документтерин жүргүзүү (журналдар: айдоочулук курамдын Кыргыз Республикасынын транспорт мыйзамдарынын жана Жол кыймылынын эрежелеринин талаптарын бузуусун, жол кыймылынын коопсуздугу жана техникалык коопсуздук боюнча киришүү, айлык, кварталдык инструктаждардын өткөрүлүшүн эсепке алуу, жол-транспорт кырсыктарын, автомобилдик транспорт каражаттарынын техникалык абалын текшерүүнү, техникалык тейлөөлөрдү жана учурдагы оңдоолорду жүргүзүүнү эсепке алуу; нускамалар: жол кыймылынын коопсуздугу жана техникалык коопсуздук, өрт коопсуздугу боюнча, инженердик-техникалык жумушчулар үчүн кызматтык нускамалар);

– Бажы биримдигинин 018/2011 "Дөңгөлөктүү транспорт каражаттарынын коопсуздугу жөнүндө" техникалык регламентинин талаптарына жана санитардык ченемдерге ылайык автомобилдик транспорт каражатын техникалык оң абалда кармоо;

– эмгек келишиминин же айкалыштырып иштөө боюнча келишимдин негизинде иштеген жалданма айдоочуларда ушул Жобонун 227 же 228-пунктуна ылайык колдонуудагы лицензиянын, салыктык каттоодон өткөндүгүн ырастоочу документтердин (каттоо күбөлүгү же патент) болуусун жана камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөсүн жана/же салык, салыктык эмес кирешелер жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздардын бар/жоктугу жөнүндө маалымкаттын болуусун камсыз кылуу;

– автомобилдик транспорт каражаттарын техникалык кароодон өткөрүүнү камсыз кылуу;

– техникалык бузулган, зарыл болгон оң абалдагы өрткө каршы шаймандары, медициналык аптечкалары, авариялык токтотуу белгилери менен камсыздалбаган автомобилдик транспорт каражаттарын рейске чыгарууга жол бербөө;

– автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташуу үчүн багытталган лицензияны башка юридикалык же жеке жакка берүүгө тыюу салуу;

– бекитилген Кыргыз Республикасында автоунаа транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштуруунун эрежелерин жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарды сактоо;

2) жеке жактар үчүн:

– ташуучунун шарттары жана талаптары боюнча жол кыймылынын коопсуздугун жана техникалык коопсуздукту камсыздоо боюнча инструктаждан өтүү;

– рейске чыгуудан мурун жол жүрүү баракчасына белги коюу менен күн сайын рейс алдында медициналык күбөлөндүрүүдөн жана рейс алдында автомобилди техникалык кароодон өтүү;

– айдоочулардын белгиленген эмгек жана эс алуу режимин сактоосу;

– транспорт тартибинин талаптарын жана жүргүнчүлөрдү ташуучу транспорт каражаттарынын сыйымдуулук ченемдерин сактоо;

– транспорт каражатын техникалык кароодон өткөрүү жана айдоочулардын жыл сайын медициналык күбөлөндүрүүдөн өтүүсү;

– Бажы биримдигинин 018/2011 "Дөңгөлөктүү транспорт каражаттарынын коопсуздугу жөнүндө" техникалык регламентинин талаптарына жана санитардык ченемдерге ылайык автомобилдик транспорт каражатын техникалык оң абалда кармоо;

– бекитилген Кыргыз Республикасында автоунаа транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштуруунун эрежелерин жана Жол кыймылынын эрежелерин сактоо;

– төмөнкүлөр сыяктуу айрым өзгөчө оор кылмыштар үчүн соттуулуктун жоктугу: адам өлтүрүү, зордуктоо, сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер, сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо, он алты жашка чыга элек бала менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер, ыплас аракеттер, адам уурдоо, адамдарды сатуу, балдарды сатуу, терроризм актысы, террористтик ишти каржылоо, террористтик ишке көмөктөшүү, барымтага алуу, адамды кылмыш ишине катышууга мажбурлоо, уюшкан топту түзүү же ага катышуу, кылмыштуу коомдоштукту түзүү же ага катышуу, мыйзамсыз куралдуу түзүлүштү түзүү же ага катышуу;

– бул Жобонун 227 же 228-пунктуна ылайык багыты боюнча колдонуудагы лицензиянын болушу.

$230^2$. Шаардык жана шаар четиндеги (60 км ашык эмес) жүргүнчүлөрдү ташууга арналган, айдоочунун ордун кошпогондо төрттөн ашык эмес орундуу жеңил автомобилдер-таксилер менен жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча транспорттук ишти жүзөгө ашыруу үчүн негизги лицензиялык талаптар жана шарттар төмөнкүлөр болуп саналат:

1) юридикалык жактар үчүн:

– айдоочулар үчүн белгиленген эмгек жана эс алуу режиминин айдоочулар тарабынан сакталышын контролдоо жана камсыз кылуу;

– баланста же оперативдүү башкарууда, же ижара укугунда жүргүнчүлөрдү коопсуз ташууну жана айдоочулардын эмгегин коргоону камсыз кылуу боюнча инструктаж өткөрүү үчүн класстын болушу;

– транспорттук ишти камсыз кылуучу ички өндүрүштүк документтерди жүргүзүү (журналдар: айдоочулук курамдын Кыргыз Республикасынын транспорт мыйзамдарынын жана Жол кыймылынын эрежелеринин талаптарын бузуусун, жол кыймылынын коопсуздугу жана техникалык коопсуздук боюнча киришүү, айлык, кварталдык инструктаждардын өткөрүлүшүн эсепке алуу, жол-транспорт кырсыктарын эсепке алуу);

– Бажы биримдигинин 018/2011 "Дөңгөлөктүү транспорт каражаттарынын коопсуздугу жөнүндө" техникалык регламентинин талаптарына жана санитардык ченемдерге ылайык автомобилдик транспорт каражатын техникалык оң абалда кармоо;

– эмгек келишиминин же айкалыштырып иштөө боюнча келишимдин негизинде иштеген жалданма айдоочуларда ушул Жобонун 227 же 228-пунктуна ылайык колдонуудагы лицензиянын, салыктык каттоодон өткөндүгүн ырастоочу документтердин (каттоо күбөлүгү же патент) болуусун жана камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөсүн жана/же салык, салыктык эмес кирешелер жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздардын бар/жоктугу жөнүндө маалымкаттын болуусун камсыз кылуу;

– автомобилдик транспорт каражаттарын техникалык кароодон өткөрүүнү камсыз кылуу;

– бекитилген Кыргыз Республикасында автоунаа транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштуруунун эрежелерин жана Жол кыймылынын эрежелерин сактоо;

2) жеке жактар үчүн:

– айдоочулардын белгиленген эмгек жана эс алуу режимин сактоосу;

– транспорт тартибинин талаптарын жана жүргүнчүлөрдү ташуучу транспорт каражаттарынын сыйымдуулук ченемдерин сактоо;

– транспорт каражатын техникалык кароодон өткөрүү жана айдоочулардын жыл сайын медициналык күбөлөндүрүүдөн өтүүсү;

– Бажы биримдигинин 018/2011 "Дөңгөлөктүү транспорт каражаттарынын коопсуздугу жөнүндө" техникалык регламентинин талаптарына жана санитардык ченемдерге ылайык автомобилдик транспорт каражатын техникалык оң абалда кармоо;

– бекитилген Кыргыз Республикасында автоунаа транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштуруунун эрежелерин жана Жол кыймылынын эрежелерин сактоо;

– төмөнкүлөр сыяктуу айрым өзгөчө оор кылмыштар үчүн соттуулуктун жоктугу: адам өлтүрүү, зордуктоо, сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер, сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо, он алты жашка чыга элек бала менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер, ыплас аракеттер, адам уурдоо, адамдарды сатуу, балдарды сатуу, терроризм актысы, террористтик ишти каржылоо, террористтик ишке көмөктөшүү, барымтага алуу, адамды кылмыш ишине катышууга мажбурлоо, уюшкан топту түзүү же ага катышуу, кылмыштуу коомдоштукту түзүү же ага катышуу, мыйзамсыз куралдуу түзүлүштү түзүү же ага катышуу;

– бул Жобонун 227 же 228-пунктуна ылайык багыты боюнча колдонуудагы лицензиянын болушу.".

**4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 29-июлундагы №334-б буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 28-августу, №535***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 16-МАЙЫНДАГЫ №264 "ӨЛКӨНҮН АЗЫК-ТҮЛҮК КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖАНА РЫНОКТУК БААЛАРДЫ ТУРУКТАШТЫРУУ МАКСАТЫНДА КОЛДОНУЛУУЧУ НӨЛ (0) ПАЙЫЗ СТАВКАСЫ БОЮНЧА КОШУМЧА НАРК САЛЫГЫ САЛЫНУУЧУ ТОВАРЛАР ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана азык-түлүк товарларына рыноктук бааларды турукташтыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 34[1]-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 16-майындагы №264 «Өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана рыноктук бааларды турукташтыруу максатында колдонулуучу нөл (0) пайыз ставкасы боюнча кошумча нарк салыгы салынуучу товарлар жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1-пункттун 4-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 30-августу, №540***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 23-ИЮЛУНДАГЫ №411 "МАМЛЕКЕТТИК ПЕНСИЯЛЫК СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ЖААТЫНДАГЫ ЧЕНЕМДИК УКУКТУК АКТЫЛАРДЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Административдик тоскоолдуктарды жоюу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 23-июлундагы №411 "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жаатындагы ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Пенсия дайындоо жана кайра эсептөө үчүн кайрылуунун, пенсиянын бир түрүнөн экинчи түрүнө өтүүнүн, ошондой эле расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпул төлөө үчүн кайрылуунун тартиби жөнүндө жободо:

– 48-пунктта "44, 45-пункттарында" деген сөздөр "45–47-пункттарында" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 51-пункттун 2-пунктчасында "пенсиянын үч эселенген базалык бөлүгү –" деген сөздөр алып салынсын;

– 54-пункттун 2-пунктчасында "маалымкат" деген сөз "күбөлүк" деген сөзгө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Пенсия дайындоо жана кайра эсептөө, пенсиянын бир түрүнөн экинчи түрүнө өтүү, ошондой эле расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпул төлөө үчүн зарыл болгон документтердин тизмесинде:

– 4-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4. Ушул Тизмеге ылайык документтердин бардык берилген көчүрмөлөрү пенсия дайындоочу органдар тарабынан милдеттүү тартипте алардын түп нускалары менен салыштырылат.";

– 1-глава төмөнкүдөй мазмундагы 4[1]-пункт менен толукталсын:

"4[1]. Ведомстволор аралык электрондук маалымат алмашуунун алкагында мамлекеттик органдардан суралуучу пенсия дайындоо жана кайра эсептөө, пенсиянын бир түрүнөн экинчи түрүнө өтүү, ошондой эле расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпул төлөө үчүн зарыл болгон санариптик документтер эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача белгиленбесе, акысыз негизде берилет.";

– 8-пунктта:

1-пунктчада "нотариалдык күбөлөндүрүлгөн" деген сөздөр алып салынсын;

7-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"7) багууда болгон балдар кесиптик, орто жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары же жогорку окуу жайларынын студенттери экендигин ырастаган документтер берилет.

Багууда болгон балдар Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары чет өлкөлүк билим берүү мекемелеринде окуган учурда алардын окугандыгы фактысын ырастаган документтер мамлекеттик же расмий тилге нотариалдык күбөлөндүрүлгөн котормосун тиркөө менен берилет.";

– 16-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 1-сентябры, №541***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 23-АВГУСТУНДАГЫ №472 "МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАЛАР ЖАНА УСТАВДЫК КАПИТАЛЫНДА МАМЛЕКЕТТИН КАТЫШУУСУНУН ҮЧТӨН ЭКИСИНЕН КЕМ ЭМЕС ҮЛҮШҮ БАР ЧАРБАКЕР СУБЪЕКТТЕР ТАРАБЫНАН ЖЕР КАЗЫНАСЫН ПАЙДАЛАНУУГА БЕРИЛГЕН УКУКТАРДЫ ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ИНВЕСТОРЛОР МЕНЕН БИРГЕЛЕШКЕН ИШ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ШАРТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ишканалар жана уставдык капиталында мамлекеттин катышуусунун үчтөн экисинен кем эмес үлүшү бар чарбакер субъекттердин инвесторлор менен жер казынасын пайдаланууга берилген укуктарды ишке ашыруу боюнча биргелешкен ишти жүргүзүү шарттарын жакшыртуу максатында, "Жер казынасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 23-августундагы №472 "Мамлекеттик ишканалар жана уставдык капиталында мамлекеттин катышуусунун үчтөн экисинен кем эмес үлүшү бар чарбакер субъекттер тарабынан жер казынасын пайдаланууга берилген укуктарды ишке ашыруу боюнча инвесторлор менен биргелешкен иш жүргүзүүнүн шарттары жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Мамлекеттик ишканалар жана уставдык капиталында мамлекеттин катышуусунун үчтөн экисинен кем эмес үлүшү бар чарбакер субъекттер тарабынан жер казынасын пайдаланууга берилген укуктарды ишке ашыруу боюнча инвесторлор менен биргелешкен иш жүргүзүүнүн шарттары жөнүндө жободо:

– төмөнкүдөй мазмундагы 1[2]-пункт менен толукталсын:

"1[2]. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети мамлекеттик ишкананын же чарбакер субъекттин жер казынасын пайдалану укуктарын ишке ашыруу боюнча белгилүү бир инвестор менен кызматташуусу жөнүндө чечим кабыл алганда конкурс өткөрүлбөйт, ал эми мындай инвестор менен биргелешкен иш жөнүндө макулдашуу (жөнөкөй шериктештик келишими же болбосо биргелешкен ишкананын уюштуруу документтери) түздөн-түз ушул Жобонун 1-пунктунда белгиленген шарттарга ылайык түзүлөт.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 1-сентябры, №542***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 17-АПРЕЛИНДЕГИ №214 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ТЕХНОЛОГИЯЛЫК ПАРКТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА КОМИССИЯ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ЖАНА АЛАРДЫН ИШТЕШИН МАМЛЕКЕТТИК КОЛДОО ЧАРАЛАРЫ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 12-майындагы №145 "Илим, билим берүү, инновациялар жана интеллектуалдык менчик чөйрөсүндө мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-апрелиндеги №214 "Кыргыз Республикасында Технологиялык парктарды өнүктүрүү боюнча комиссия жөнүндө жобону бекитүү жана алардын иштешин мамлекеттик колдоо чаралары тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пункттагы "Билим берүү жана илим" деген сөздөр "Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Технологиялык парктарды өнүктүрүү боюнча комиссия жөнүндө жободо:

– 3, 7, 14-пункттардагы "Билим берүү жана илим" деген сөздөр "Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 5-пункттун экинчи абзацында:

"Билим берүү жана илим министрлигинин" деген сөздөр "Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

", Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин" деген сөздөр алып салынсын;

– 6-пункттун жетинчи абзацындагы "билим берүү жана илим министри" деген сөздөр "илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министринин орун басары" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 1-сентябры, №543***

## 2029-ЖЫЛГА ЧЕЙИН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАШЫЛ ЭКОНОМИКАНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жашыл экономика принциптерин институтташтырууну өркүндөтүү жана Кыргыз Республикасынын экономикасынын артыкчылыктуу секторлору боюнча макро жана микро деңгээлдердеги жашыл интервенцияларды имплементациялоо максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

– 2029-жылга чейин Кыргыз Республикасында жашыл экономиканы өнүктүрүү программасы 1-тиркемеге ылайык;

– 2029-жылга чейин Кыргыз Республикасында жашыл экономиканы өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы (мындан ары – Иш-чаралар планы) 2-тиркемеге ылайык;

– 2029-жылга чейин Кыргыз Республикасында жашыл экономиканы өнүктүрүү программасынын индикаторлорунун матрицасы 3-тиркемеге ылайык;

– 2029-жылга чейин Кыргыз Республикасында жашыл экономиканы өнүктүрүү программасынын ресурстук наркын баалоо 4-тиркемеге ылайык.

**2.** Иш-чаралар планын ишке ашырууга тартылган Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча) жана уюмдар (макулдашуу боюнча):

– Иш-чаралар планын сапаттуу жана өз убагында аткарууну жана 2029-жылга чейин Кыргыз Республикасында жашыл экономиканы өнүктүрүү программасынын индикаторлоруна жетүүнү камсыз кылсын;

– квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 5инен кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине Иш-чаралар планынын аткарылышы тууралуу маалымат берип турсун.

**3.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына Иш-чаралар планынын аткарылышы тууралуу маалымат берип турсун.

**4.** Иш-чаралар планынын сапаттуу жана өз убагында аткарылышы үчүн Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жетекчилеринин, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларынын жеке жоопкерчилиги белгиленсин.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмүндөгү өзгөрүүлөр тейлөөчү багыттары боюнча отчеттуулук үчүн жоопкерчилигин алып салбайт деп аныкталсын.

**6.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 14-ноябрындагы №605 "Кыргыз Республикасында "жашыл" экономиканы өнүктүрүүнүн 2019–2023-жылдарга программасын бекитүү жөнүндө" токтому;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-июнундагы №349 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 14-ноябрындагы №605 "Кыргыз Республикасында 2019–2023-жылдарга "жашыл" экономиканы өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтому.

**7.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**8.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 1-сентябры, №544***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДАРЫНЫН АЛЬТЕРНАТИВДИК КЫЗМАТ ӨТӨӨСҮНҮН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 32-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын жарандарынын альтернативдик кызмат өтөөсүнүн тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №306 "Кыргыз Республикасынын жарандарынын альтернативдик кызмат өтөөсүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 6-февралындагы №52 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтомунун 1-пункту;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 25-февралындагы №87 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтомунун 1-пункту;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 3-мартындагы №108 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтомунун 1-пункту;

5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 27-апрелиндеги №217 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 13-пункту;

6) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 23-июнундагы №347 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтому;

7) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 15-ноябрындагы №578 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 1-пункту;

8) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 14-мартындагы №133 "Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына шайкеш келтирүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 1-пункту;

9) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 14-январындагы №8 "Аскер кызматын өтөө маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 1-пункту;

10) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 10-февралындагы №68 "Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги түзүлгөндүгүнө байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 4-пункту;

11) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-февралындагы №90 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №306 "Кыргыз Республикасынын жарандарынын альтернативдик кызмат өтөөсүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 1-сентябры, №545***

## БИШКЕК ШААРЫНЫН АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "КАЛКТУУ КОНУШТУН ЖЕРЛЕРИ" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бишкек шаарынын аймагына көп кабаттуу турак жай комплексин куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Жер кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 2-бөлүгүнө, "Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин экинчи бөлүгүнүн $12^1$, $12^2$-пункттарына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Бишкек шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 12-августундагы №209 токтомун, Бишкек шаарынын мэриясынын жер комиссиясынын 2025-жылдын 5-августундагы корутундусун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Бишкек шаарынын Октябрь районунун №22 контурунда жайгашкан, "ТАНАР Групп" жоопкерчилиги чектелген коомунун жеке менчигинде турган, жалпы аянты 4,08 га сугат айдоо жер тилкеси көп кабаттуу турак жай комплексин куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштун жерлери" категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Бишкек шаарынын мэриясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;

3) жогоруда көрсөтүлгөн жер тилкесине шаар куруу документтерин Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоо менен иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

4) өздүк каражаттарынын эсебинен аймактын жашоо-тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштөөсүн жана өнүгүүсүн, социалдык-экономикалык өнүгүүсүн уюштурууну;

5) Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык көрсөтүлгөн жер тилкесинде тарыхый-маданий мурас объекттери аныкталган учурда аларды сактоону;

6) автомобиль жолдорунун техникалык параметрлерин, "Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин жана талаптарын сактоону;

7) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинин аянтын калыбына келтирүүнү, түшүмдүүлүгү төмөн жерлерди талдоону жана аларды айыл чарба жүгүртүүсүнө киргизүүнү;

8) айыл чарба жана токой чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайданын ордун толтуруу наркынын суммасын Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдары менен белгиленген ченемдерге ылайык төлөөнү;

9) Чыңалуусу 1000 вольттон жогору электр тармактарын коргоо эрежелерине ылайык электр берүүнүн аба линияларын коопсуз жана талаптагыдай эксплуатациялоо үчүн тийиштүү коргоо аралыктарын сактоону;

10) коомдук саламаттык сактоо жаатындагы ченемдик актыларды сактоону.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 1-сентябры, №546***

***Бакчыбаева Дилара Турдубековнага тиешелүү мам.каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 28975743 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-460

***Баткен облусунун Кыргыз-Кыштак айыл аймагынын Ак-Тилек участкасынын жашоочусу Өктөм кызы Алтынайга тиешелүү Ч №650926 жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам. актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
П/П 092

***В связи с утерей учредительных документов и печати ОФ "ЭдуЛаб" (ИНН 00812201410189, ОКПО 28979675, рег. №142747-3301-ОФ) считать недействительными.***
М.б.

***Сулайманов Акылбек Маликовичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү (сериясы НО №003423, идентификациялык коду 3-04-09-0010-0116) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Д-05

***Гайбуллоев Элдияр Холматовичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №382427 (28.06.2012-ж.) сатуу жана сатып алуу келишими №2012 11 700 (05.09.2012-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-468

***Мамытова Мухаббат Акматбековнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 23616459 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-467

***Өзгөн районунун тургуну Токоев Бакытбек Бекмирзаевичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №071735 жана тартуулоо келишими №30273 (02.09.2024-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
П/П 837

***Уметов Таалайбек Кубанычбековичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 28091795 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-469

## Приглашение к участию в конкурсных торгах

| | |
|---|---|
| **Номер и наименование Кредита/Гранта:** | Кредит №3854-KGZ(COL) / Грант № 0676-KGZ(SF) Программа «Развития сельского водоснабжения и санитарии в Нарынской области» |
| **Номер и название Контракта:** | ARIS-ADB-NRWSSDP-CW-NCB-NNSS-2025-03-RT – «Новое строительство локальных очистных сооружений (ЛОС) в селе Исакеев Кочкорского района Нарынской области» |
| **Крайний срок представления:** | 6 октября 2025 года, 11.00 часов (местное время) |

**1.** Кыргызская Республика получило финансирование от Азиатского банка развития (АБР) на покрытие расходов **Программы «Развития сельского водоснабжения и санитарии в Нарынской области» (ПРСВСНО).** Часть этого финансирования будет использована для платежей по контракту указанного выше. Конкурсные торги открыты для всех правомочных участников стран-членов АБР.

**2.** Агентство развития и инвестирования сообществ Кыргызской Республики (АРИС) **от лица Ормон-Ханского АО Кочкорского района Нарынской области** («Заказчик») приглашает представить запечатанные конкурсные предложения от всех правомочных участников для выполнения следующих строительных работ («Работы»):

- ***«Новое строительство локальных очистных сооружений (ЛОС) в селе Исакеев Кочкорского района Нарынской области»***

**3.** Открытые конкурсные торги будут проводиться в соответствии **с Одноэтапными - Одно конвертными процедурами АБР** и открыты для всех участников торгов из правомочных стран, как описано в Тендерной документации.

**4.** В данных торгах могут участвовать **только правомочные участники** с ключевыми квалификациями, определенными в Тендерной документации. Ключевые и полные требования можно найти в Разделах 3 и 4 Тендерной документации.

i. Участие в качестве подрядчика, партнера по совместному предприятию или субподрядчика **как минимум в одном контракте**, который был удовлетворительно и в основном завершен **в течение последних 7 (семь) лет,** что аналогично предлагаемым работам, где стоимость участия Претендента **превышает 71.9 млн сом.** Схожесть участия Претендента основывается на: *физическом объеме, типе работ, сложности и методе строительства, технологии и других характеристиках* как указано в Технических спецификациях в Части 6 «Требования Заказчика»

ii. Минимальный среднегодовой строительный оборот **в 119.9 млн сом**, рассчитанный как общая подтвержденная сумма платежей, полученных по незавершенным или завершенным контрактам **в течение последних 3 (три) года (2022, 2023 и 2024 гг.)**

iii. Наличие финансовых ресурсов (ликвидные активы, кредитные линии и т.д.) как минимум **на 20.0 млн сом.**

**5.** Участники торгов могут получить дополнительную информацию в офисе или на сайте АРИС по адресу:
Кыргызская Республика, г. Бишкек, ул. Боконбаева, 102, отдел закупок,
тел: +996(312) 62-07-52, факс: +996(312) 62-47-48,
э-почта: zakupki@aris.kg; akanaev@aris.kg
вебсайт: www.aris.kg

**6.** Полный комплект тендерной документации на русском (английском) языке в электронном виде без оплаты можно будет получить заинтересованными участниками только после регистрации на официальном сайте АРИС **www.aris.kg** вкладка «Тендеры».

**7.** Предтендерная встреча с участниками торгов состоится **в 14.30 часов местного времени 15 сентября 2025 года** по указанному выше адресу.

**8.** Участники должны представить свои конкурсные предложения:

- По вышеуказанному адресу (см. пункт 5 выше)
- Не позднее срока: **6 октября 2025 года, время: 11.00 ч. (местное время).**
- Вместе с Декларацией обеспечения конкурсной заявки, как описано в Тендерной документации.

**9.** Предложения будут вскрыты сразу после истечения срока подачи предложений в присутствии представителей участников торгов, которые пожелают присутствовать.

С/О 769

***Өзгөн районунун тургуну Токоев Бакытбек Бекмирзаевичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 23171201 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын***
П/П 816

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# Кыргызская геологическая служба Министерства природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики

**объявляет о проведении аукциона по представлению лицензии на право пользования недрами по следующим объектам**

| № Лот | Наименование объекта | Вид полезного ископаемого | Вид недро-пользования | Местонахождение объекта | Краткая геологическая характеристика | Старто-вая цена, $ США |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыркын | глина, базальт и известняк | Геологоразве-дочные работы | Иссык-Кульский район, Иссык-Кульская область | Месторождение (участок) глины, базальта и известняка Кыркын находит-ся в Иссык-Кульском районе, в 26 км к СЗ от пос. Тору-Айгыр, на высоте 2000-2300 м, в освоенном районе, непосредственно прилегающей к эконо-мически развитой зоне северного побережья оз. Иссык-Куль, вблизи горо-да и ж.д. станции Балыкчы. Продуктивная пластообразная залежь базальтов залегает среди песчаников коктурпакской свиты палеогена. Протяжённость залежи 2,3 км, мощность 30 м. | 3227 |

Аукцион состоится **17 октября 2025 года в 11.00 часов в городе Чолпон-Ата в здании районной государственной администрации Иссык-Кульского района Иссык-Кульской области Кыргызской Республики.**

Регистрация участников аукциона **с 10.30 до 11.00 часов.**

Всем желающим принять участие в аукционе необходимо представить документы для участия в аукционе **не позднее 18.00 часов 13 октября 2025 года** в Службу по адресу: **г. Бишкек, проспект Эркиндик, 2, кабинет №311.** Подробная информация обо всех необходимых документах для участия в аукционе содержится в *«Условиях аукциона по предоставлению права пользования объектом недр»*.

С условиями аукциона, требованиями к участию в аукционе, а также иной информацией, касающейся аукциона можно ознакомиться на интернет-сайте Службы **www.geology.kg**, по телефону: **(+996 312) 90-40-40+1049**, а также **в Управлении геологии, каб. №308, ежедневно с 9.00 до 18.00 часов.**

---

Закрытое акционерное общество
## "МИКРОФИНАНСОВАЯ КОМПАНИЯ ЭЛЕТ-КАПИТАЛ"
информирует о существенном факте:

**Выплаченные доходы по облигациям за 10-ый процентный период**

Дата окончания выплат: **29 августа 2025 года**
Номер выпуска - **KG 0201218417**
Количество владельцев облигаций, имеющих право на получение дохода: **119**
Сумма начисленных доходов: **4 064 515 сом 00 тыйын**
Количество владельцев облигаций, получивших доходы: **113**
Сумма выплаченного дохода по облигациям: **4 029 915 сом 00 тыйын**
Количество владельцев облигаций, которым не выплачены доходы: **6**
Сумма невыплаченного дохода по облигациям: **37 600 сом 00 тыйын**
Количество облигаций, по которым не выплачены доходы: **718**
Причина невыплаты: **Неявка облигационеров.**
**Примечание:** сумма невыплаченного дохода за 9-ый процентный период – **55 015 сом 00 тыйын.**

С/О 766

---

**СООБЩЕНИЕ О СУЩЕСТВЕННОМ ФАКТЕ**

Советом директоров Открытого акционерного общества «Аэропорты Кыргызстана» 29 августа 2025 года принято решение:

1. Досрочно прекратить полномочия Члена Правления – директора по производству ОАО «Аэропорты Кыргызстана» Шамшиева Жаната Абдилсаитовича с 1 сентября 2025 года.
2. Избрать Членом Правления – директором по производству ОАО «Аэропорты Кыргызстана» Джаткамбаева Талайбека Батырбековича с 1 сентября 2025 года.

---

## «НУР Телеком» ЖЧКсы

***"Интернет-Роуминг" жана "Интернет-Роуминг 500" топтомунун баасынын жогорулашы жөнүндө, ал эми "Интернет-Роуминг 100" жана "Интернет-Роуминг 250" топтомдоруна 2025-жылдын 15-сентябрынан тартып туташуу үчүн жабыла тургандыгы жөнүндө билдирет.***

Толук маалыматты сиздер компаниянын **www.o.kg** расмий сайтынан же О! тейлөө жана сатуу кеңселеринен алууга болот.

*КРМТжБМК караштуу МБАнын: №16-0062-КР 06.12.2016-ж., №16-0063-КР 06.12.2016-ж. лицензиялары.*

С/О 767

## ООО «НУР Телеком»

***уведомляет о повышении стоимости услуги «Интернет-роуминг» и пакета «Интернет-роуминг 500», а также будут закрыты для подключения пакеты «Интернет-роуминг 100» и «Интернет-роуминг 250» с 15 сентября 2025 года.***

Подробную информацию Вы можете узнать на официальном сайте компании **www.o.kg** или в офисах продаж и обслуживания О!

*Лицензии ГАС при ГКИТиС КР:№16-0062-КР от 06.12.2016, №16-0063-КР от 06.12.2016.*

---

***Омуралиев Айдар Болотбековичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам. актысы Ч №233624 (16.01.2016-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М.б.

---

## «Дос-Кредобанк» ААК

***жашыл облигациялар боюнча тогузунчу пайыздык мезгил боюнча кирешелерди төлөп берүү жөнүндө маалымдайт***

- Чыгарылыш номери: **KG 0201085816,**
- Кирешелүүлүк чени: **жылдык 16%,**
- Облигациянын номиналдуу наркы: **1 000 (бир миң) сом,**
- Кирешени төлөп берүүнүн башталыш датасы: **2025-жылдын 13-сентябры**
- Киреше алуу үчүн баалуу кагаздардын ээлеринин тизмесин түзүү датасы: **2025-жылдын 6-сентябры**
- Төлөп берүү формасы: **акча каражаттары**
- Төлөп берүү орду: **«Дос-Кредобанк» ААК, 720000, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй пр., 92** же берилген билдирмеге ылайык облигация ээсинин банктык эсебине чегерүү аркылуу.

## ОАО «Дос-Кредобанк»

***информирует о выплате доходов по девятому процентному периоду по зеленым облигациям***

- Номер выпуска: **KG 0201085816,**
- Ставка доходности: **16% годовых,**
- Номинальная стоимость облигации: **1 000 (одна тысяча) сом,**
- Дата начала выплаты дохода: **13 сентября 2025 г.**
- Дата составления списка владельцев ценных бумаг для получения дохода: **6 сентября 2025 г.**
- Форма выплаты: **денежные средства**
- Место выплаты: **ОАО «Дос-Кредобанк», 720000, Кыргызская Республика, г. Бишкек, пр. Чуй, 92** либо путем перечисления на банковский счет держателя облигаций согласно поданного заявления.

---

## «Альфа Ойл» ЖЧКсы

**биринчи чыгарылыштагы номиналдык облигациялар боюнча экинчи мезгилдик кирешеси төлөнө тургандыгы жөнүндө билдирет.**

- **Чыгарылган номери:** KG 0201248919;
- **Кирешенин нормасы:** жылдык 18%;
- **Облигациянын номиналдык наркы:** 1000 (бир миң) сом;
- **Кирешени төлөө күнүнүн башталышы:** 12.09.2025-жыл;
- **Төлөөнүн формасы:** акча каражаты;
- **Төлөнүүчү жери:** "Сенти" ФК, Бишкек шаары, Чүй көчөсү, 219, берилген арызына ылайык облигация ээсинин банктык эсебине которуу жолу менен төлөнөт.

Н-468

## ОсОО «Альфа Ойл»

**информирует о выплате доходов второго периода по именным процентным облигациям первого выпуска**

- **Номер выпуска:** KG 0201248919;
- **Ставка доходности:** 18% годовых;
- **Номинальная стоимость облигаций:** 1000 (одна тысяча) сом;
- **Дата начала выплаты дохода:** 12.09.2025;
- **Форма выплаты:** денежные средства;
- **Место выплаты:** ФК «Сенти», г.Бишкек, ул.Чуй, 219 либо путем перечисления на банковский счет держателя облигаций согласно поданного заявления.

---

***Токтогул районундагы Кетмен-Төбө айыл өкмөтүнүн тургуну Тажыбекова Аймира Тентимишовнанын Ош технологиялык университетин 2007-жылдын 8-майында аяктагандыгы тууралуу сериясы №CD 070138290 диплому жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-464

---

**ЖОГОЛДУ**
**УТЕРЯ**

***Өзгөн районунун тургуну Сатаров Эрлан Сапаралиевичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №294840 (27.10.2010-ж.б.) сатуу жана сатып алуу келишими №201010402 (22.10.2010-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 360

***Кутманов Кудурет Кутмановичке тиешелүү ЖРТ сертификаты №3230628 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М.б.

***Өзгөн районунун тургуну Тойчубаев Жайылбек Ашимбековичке таандык жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү №17325 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 537

***Өзгөн районунун тургуну Тагаева Мурзаим Урубаевнага таандык мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 23467746 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 871

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Салимова Бумария Имиджановна код ОКПО 28623139 считать недействительным.***

Н-465

---

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жамааты Бюджеттер аралык мамилелер башкармалыгынын бюджеттер аралык мамилелер саясаты бөлүмүнүн башкы адиси Кермалиев Алмаз Дуйшенкуловичке атасы

**КЕРМАЛИЕВ Дуйшенкул Кермалиевичтин**

дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу терең кайгыруу менен көңүл айтат жана аза кайгысын тең бөлүшөт.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин жалпы жамааты**

С/О 768

## «Ак Банк» ААКтын ликвидациялоочу башкаруучусу – Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо агенттиги

ачык аукциондорду өткөрүү жөнүндө жарыялайт:

1. ***Бишкек жана Кара-Балта шаарларында жайгашкан эмеректерди жана жабдууларды (колдонулган), компьютердик жабдууларды (колдонулган) жана башка активдерди сатуу боюнча.***
2. ***Бишкек шаарында жайгашкан «Ак Банк» ААКка таандык автоунааларды сатуу боюнча.***

| № Лот | Унаанын маркасы | Чыгарылган жылы | Баштапкы баа (сом) | Сыпаттамасы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Audi A8, мам. №0004 BB | 1995-ж. | 85 000 | Түсү – күрөң хамелеон; седан, кыймылдаткыч көлөмү – 4172 (бензин), МККП; техникалык абалы – канааттандырарлык эмес. |
| 2 | Daewoo Racer, мам. №8637 BA | 1995-ж. | 22 275 | Түсү – күмүш түстүү, седан; кыймылдаткыч көлөмү – 1600 (бензин), МККП; техникалык абалы – канааттандырарлык эмес. |

Аукцион **2025-жылдын 8-сентябрында саат 10:00дө Бишкек шаары, Жумабек көчөсү, 203** дарегинде өтөт.

Сатууга коюлган лоттордун тизмеси менен жана ликвидациялоочу башкаруучунун кеңсесинде таанышa аласыздар (дарек: **Бишкек ш., Чүй проспектиси 114, 2-кабат, 209-бөлмө, Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо агенттиги**).

Аукционго катышуу үчүн **2025-жылдын 5-сентябры саат 17.00гө чейин** арыз тапшыруу жана баштапкы баанын **10%** өлчөмүндө күрөө төлөмүн төмөнкү реквизиттерге которуу зарыл:

**Ликвидациялоочу башкаруучу – «Ак Банк» ААК, Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо агенттиги э/с 1299003150049959, ОАО «Элдик Банк»; ОКПО 20029141, ИНН 01505199110058, БИК 129001.**

Аукционго катышуучулар өздөрү менен жеке инсанды тастыктоочу документ (паспорт) алып келүүгө тийиш.

**Маалымат алуу үчүн телефондор: (0312) 66-01-05, (0312) 62-44-57, (0550) 52-00-49.**

С/О 770

## Ликвидатор ОАО «Ак Банк» – Агентство по защите депозитов Кыргызской Республики

объявляет о проведении открытых аукционов:

1. ***По продаже мебели и оборудования (б\у), компьютерного оборудования (б\у) и прочих активов ОАО «Ак Банк», находящиеся в г.Бишкек и г. Кара-Балта.***
2. ***По продаже автомашин, принадлежащих ОАО «Ак Банк», находящихся в г. Бишкек***

| № лот | Марка автомашины | Год выпуска | Стартовая цена (сом) | Характеристика |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ауди А8 гос №0004 ВВ | 1995 г. | 85 000 | Цвет – коричневый хамелеон; седан, объем двигателя – 4172 (бензин), МКПП, техническое состояние – неудовлетворительное. |
| 2 | Дайво-Райсер, гос №8637 ВА | 1995 г. | 22 275 | цвет – серебристый, седан; объем двигателя – 1600 (бензин); МКПП, техническое состояние – неудовлетворительное. |

Аукцион состоится **8 сентября 2025 года в 10.00 ч.** по адресу: **г. Бишкек, ул. Жумабека, 203.**

С перечнем продаваемых лотов можно ознакомится по ссылке www.deposit.kg и в офисе ликвидатора по адресу: **г.Бишкек, пр. Чуй, 114, 2 этаж, каб 209 Агентство по защите депозитов Кыргызской Республики (2 территория).**

Для участия в аукционах необходимо подать заявку **не позднее 17 ч. 5 сентября 2025 года** и оплатить гарант. взнос в размере **10%** от стартовой цены по следующим реквизитам:

**Ликвидатор ОАО «Ак Банк» – Агентство по защите депозитов Кыргызской Республики, р/с 1299003150049959 в ОАО «Элдик Банк»; ОКПО 20029141, ИНН 01505199110058, БИК129001.**

Участникам аукциона при себе иметь удостоверяющий личность документ (паспорт).

**Справки по тел.: (0312) 66-01-05, (0312) 62-44-57, (0550) 52-00-49.**

## Optima Bank

## «Оптима Банк» ААК

***2025-жылдын 22-сентябрында күндүзгү саат 10.00дө Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Ч.Айтматов проспектиси, 95/1 дарегинде төмөндөгүдөй күн тартибиндеги маселе боюнча Банктын акционерлеринин кезексиз жалпы чогулушу боло тургандыгын кабарлайт.***

1. «Оптима Банк» ААКнын акционерлеринин кезексиз жалпы чогулушунун эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү жөнүндө.
2. «Оптима Банк» ААКнын Директорлор кеңешинин мүчөсүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө.
3. «Оптима Банк» ААКнын Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо тууралуу жана «Оптима Банк» ААКнын Кеңешинин мүчөлөрүнө төлөнүүчү сый акынын жана компенсациялардын өлчөмүн бекитүү жөнүндө.
4. 2025-жылга карата кызмат көрсөтүү сыйакысынын өлчөмүн жана 2025, 2026- жана 2027-жылдарга карата финансылык отчеттуулук боюнча аудиттик кызмат көрсөтүүчү аудитордук уюмду бекитүү.
5. 2025-жылга маалыматтык коопсуздук боюнча аудиттик кызматтарды көрсөтүү үчүн аудитордук уюмду жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн сый акынын өлчөмүн бекитүү жөнүндө.

- Акционерлерди каттоо убактысы **саат 9.00дө** башталат.
- Акционерлерди каттоо убактысы **саат 10.00дө** аяктайт.
- Акционерлердин тизмесин түзүү күнү – **2025-жылдын 2-сентябры.**
- Добуш берүү үчүн бюллетендерди алуу жана кошумча маалыматтар менен каттоо борборунан таанышууга болот. Дареги: **Бишкек шаары, Ч.Айтматов пр., 95/1.**

**Банктын акционерлеринин кезексиз жалпы чогулушунун материалдары менен**

- *2025-жылдын 22-сентябрына чейин «Оптима Банк» ААКдан Бишкек шаары, Ч.Айтматов пр. 95/1 дарегинен тел.: 25-27-97 (кошумча 1144),*
- *2025-жылдын 22-сентябрь күнү каттоо борборунан таанышууга болот.*

Акционерлердин өзүлөрүндө паспорту, ал эми акционерлердин өкүлдөрүндө тийиштүү үлгүдөгү тастыкталган ишеним каты жана паспорту болууга тийиш.

## Optima Bank

## ОАО «Оптима Банк»

***извещает о том, что 22 сентября 2025 г. в 10.00 часов дня, по адресу: Кыргызская Республика, город Бишкек, пр. Ч. Айтматова, 95/1 состоится Внеочередное общее собрание акционеров Банка со следующей повесткой дня:***

1. Утверждение состава счетной комиссии Внеочередного общего собрания акционеров ОАО «Оптима Банк».
2. О досрочном прекращении полномочий члена Совета директоров ОАО «Оптима Банк».
3. Об избрании члена Совета директоров ОАО «Оптима Банк» и утверждении размера выплачиваемого вознаграждения и компенсаций члену Совета директоров ОАО «Оптима Банк».
4. Утверждение аудиторской организации по оказанию услуг аудита финансовой отчетности на 2025, 2026 и 2027 годы и размера вознаграждения за оказание услуг на 2025 год.
5. Утверждение аудиторской организации по оказанию услуг аудита информационной безопасности за 2025 год и размера вознаграждения за оказание услуг за 2025 год.

- Время начала регистрации акционеров - **9.00 часов.**
- Время окончания регистрации акционеров - **10.00 часов.**
- Дата списка акционеров: **на 2 сентября 2025 года.**
- Центр регистрации, в котором можно ознакомиться с дополнительной информацией и получить бюллетени для голосования: **г. Бишкек, пр. Ч. Айтматова, 95/1.**

**С материалами Внеочередного общего собрания акционеров Банка можно ознакомиться:**

- *до 22 сентября 2025 года в ОАО «Оптима Банк» по адресу: г. Бишкек, пр. Ч. Айтматова, 95/1, тел.: 25-37-97 (доб. 1144);*
- *22 сентября 2025 года в Центре регистрации.*

Акционерам необходимо при себе иметь паспорт, а представителям акционеров необходимо иметь надлежащим образом оформленную доверенность и паспорт.

## ЖОГОЛДУ

УТЕРЯ

***В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №259220 и договора мены (от 05.03.2021 г.) на имя Афанасьевой Светланы Ивановны считать недействительным***

Н-458

***В связи с утерей двух положений нижеперечисленных филиалов ОАО Микрофинансовая компания "Абийир Финанс":***

1. ***Положение об Ошском филиале ОАО МКФ "Аман Кредит", ИНН: 43001199710269,***
2. ***Положение о Каракольском филиале ОАО МКФ "Аман Кредит" ИНН: 40710200310169 считать недействительными.***

С/О 762

***В связи с утерей гос.акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №403805 и договор мены (от 05.03.2021 г.) на имя Афанасьевой Светланы Ивановны считать недействительным.***

Н-459

***Бешбаков Шамурза Далиевичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 31930827 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-463

***Абдиева Нургүл Асангуловнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам. актысы Ч №570153 (29.12.2014-ж.) жана сатуу-сатып алуу келишими №708-2021-38266 (04.08.2021-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-462

ЭРКИН-ТОО
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети

**Биздин реквизиттер:** р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

Башкы редактор
КАРБОСОВА Жазгүл Жузуповна

**Кабылдама 62-38-75**

Башкы редактордун 1-орун басары КАЛЫКОВ Шекербек – 62-38-77

Башкы редактордун орун басары РЫСПАЕВ Курманбек – 62-38-78

Жооптуу катчы КУЛАТАЕВА Бактыгүл – 62-38-71

**Бөлүмдөр:**
Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-18-64
Жарнама жана аймактар менен иштөө бөлүмү – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87
Веб-сайт – 62-38-71
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66

"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

АЙМАКТАР:
Баткен облусу (0772) 07-60-60
Жалал-Абад облусу (0772) 12-82-67
Талас облусу (0700) 90-62-61
Ысык-Көл облусу (0702) 87-98-79
Чолпон-Ата шаары (0500) 20-89-70
Токтогул шаары (0220) 70-71-32

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

**Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.**
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

**Биздин дарегибиз:**
Бишкек шаары, 720040, Абдумомунов көчөсү, 193.

erkintoo@mail.gov.kg

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592

Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.


**Индекси: 68451**

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Буйрутма 402. Нускасы 5350
Басууга 01.09.2025-ж. саат 20.00дө берилди
Сатык келишим баада

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ПОЭЗИЯ

# “Тоолордун ак кар кийген чокулары, Эстетип аталардын топуларын...”






***Эсентур Кылычев Ленинград мамлекеттик университетинин филология факультетин аяктап, көп жылдар республикалык “Ала-Тоо” адабий журналында эмгектенген. Улуттук жазуучулар жана журналисттер союздарынын, Борбордук Азия ПЕН клубунун мүчөсү. “Үндөр”, “Жашыл шоолалар”, “Күзгү токой” аттуу поэтикалык жыйнактары жарык көргөн. Ырлары чет тилдерге которулуп, өзү Батыш–Чыгыш адабиятынын Генрих Гейне, Антонио Мачадо, Витезслав Назвал, Рене Сюлли-Прюдом, Рекан, Исикава Такубоку өңдүү белгилүү акын-жазуучуларынын чыгармаларын кыргыз тилине которгон. Бир топ жылдардан бери Кыргызстандын университеттеринде адабият жана котормо жаатында дарстарды окуп келет.***

***Эсентур Кылычев Улуттук энциклопедиянын, Кыргыз радиосунун дүйнөлүк адабият боюнча макалаларынын, берүүлөрүнүн автору. “Кыргызстан студенттеринин жазы – 71”, Тоголок Молдо атындагы адабий сыйлыктардын лауреаты. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер.***

Акын жана котормочу Эсентур Кылычевдин “Күзгү токой” деп аталган кийинки жаңы жыйнагы:

**Ичинде элдин бирөөмүн,**
**Илинип санга жүрөмүн.**
**Кыргыздын атын өчүрбөй,**
**Кылымдар аман жүр элим,**
**Кылымдар өмүр сүр элим!** – деген Мекенге болгон жүрөктүн тереңинен чыккан ыйык тилеги менен ачылат. Акын аталган китебинин башына бул беш сапты бекер койбогон болсо керек. Анткени Э. Кылычевдин поэзиясындагы башкы тема – Улуттун айдыңы менен улуттун байлыгы. Айдың менен байлыкты түзүп турган – не бир асылдыктар.

Китепке баш сөз жазган адабиятчы Дария Буржубаева акын Эсентур Кылычевдин поэзияга болгон мамилесине: “Акындын поэтикалык ыкмасы – адегенде көзгө илээшпеген закымдын ылдамдыгы, ышкы оту алоолонгон кумарлануу, анан окурманы менен бирге талаанын бетин бербеген не бир кооз гүлдөрдү аралап, өзү да табияттын бир үзүмүнө айланып кетет...” деп баа берген. Адабиятчынын берген ошол баасына “Жаштыгым – жаңырган айланам” аттуу көркөм поэтикалуу ырынан мисал тартсак болот:

**Жаштыгым – жалындап күйгөн от,**
**Жарыгы асманга чачылат.**
**Учкундар учушат “жылт” этип,**
**Учкундар учушат чачырап...**

**Жаштыгым – кызыл гүл ачылган,**
**Талаага көрк берип жайнаган.**
**Жаштыгым – деңиздер, токойлор...**
**Жаштыгым – жаңырган айланам...**

Орус жазуучусу, сынчысы жана котормочусу Владимир Александров: “Эсентур Кылычев – чын ыкластуулуктан улам чыгармаларында өзүн ача алган олуттуу акын” деп жазгандай, акындын поэзиясына – жөнөкөйлүк, ошол жөнөкөйлүктө жаткан – бийиктик, чындыкты уютку кылып карманган философиялуулук, чебер сүрөткерлик мүнөздүү. Акындын ырлары көп узун эмес, кыскараак жана мазмундуу келип, ой учугун улантууну көпчүлүк ырларында окурмандын өзүнө калтырып коёт. Ал эми поэзиянын табияты – купуялуулукта, табышмактуулукта, окурманды андан ары ойлонтууга кудуреттүүлүгүндө эмеспи...

“Кызыл дан” аттуу ырынан төрт сап окуйлу:

**Айылда кызыл дан – токчулук,**
**Кырманда үйүлгөн кызыл дан.**
**Тектирде эгиндер ыргалат,**
**Жашоомду бөлбөгүн ушундан.**

Акын бул төрт сабы менен эле бүтүндөй жашоо чындыгын жазып коюптур.

Эсентур Кылычевдин поэзиясына карата филология илимдеринин доктору, КР УИАнын академиги Абдыганы Эркебаев мындайча пикирин билдирген: “Э.Кылычевдин айрым ырларында реалисттик тактык байкалса, башкаларында романтикалык көтөрүңкүлүк, кээде элегиялуулук же патетикалык чакырык үстөмдүк кылат. Поэтикалык каражаттардын арсеналы да көп түрдүүлүккө өтөт. Метафора менен символика өз милдетин аткарат”. Окумуштуунун пикирин улай, Кыргыз улут символдорун тарткан төмөнкү ыр саптарына назар салалы:

**Тоолордун ак кар кийген чокулары,**
**Эстетип аталардын топуларын...**

**Барпайган талаалардын мандалагы,**
**Эстетип апалардын саймаларын...**

**Көк түтүндөр боз үйлөрдөн сызылган,**
**Оту го энемдин көмөч нан бышырган...**

**Булактын мөлтүрөгөн тунук суусу,**
**Саамал кымыз көңтөрүп жутуучу...**

Ооба, бул азганакай ыр саптар кыргыз элинин тарыхын да, табиятын да, баатыр ата-бабалардын, мээримдүү умай энелердин элестерин да кадимкидей көз алдыга тартат.

Эсентур Кылычевдин поэзиясына пикир жазган дагы бир белгилүү адабиятчы-окумуштуу, КР УИАнын академиги Осмонакун Ибраимов: “Акындын формага ылайык мазмун табууга умтулуусу сүйүү жөнүндө жазылган ырларында да бир топ ачык көрүнүп, автордун чыгармачылык изденүүлөрүнө күбө болуп турат. Сүйүүнү даңазалоо үчүн сөзсүз эле “сүйөм, күйөм” деп төштү курулай каккылаштын дегеле кереги жок экен” дейт. Окумуштуунун бул пикирине төмөндөгү эки куплетти мисал тартсак болот:

**Арыкта суу шылдырайт,**
**Жүрөгү согот жердин.**
**Бардыгын унуткарып,**
**Мен сени ойлой бердим...**

**“Көрдүңбү жылдызды, – деп,**
**Улантпаңы, – ой, жок болду!..”**
**“Сүйүктүүм болгунуң...” деп,**
**Ичимден ойлоп койдум.**

Жогоруда белгилегенибиздей, Эсентур Кылычев дүйнөлүк атактуу бир топ акындардын ырларын кыргыз тилине которгон. Ошол котормолордун айрымдарын окуп көрөлү.

**Окума Котомити:**
Бай эмесмин, атак-даңктуу эмесмин,
Ошондуктан бул дүйнөгө көз салып,
Гүлдү гүл дейм, Айды Ай дейм
жаңылбай...

**Рекан:**
Өлгөн соң бул дүйнөгө не калтырам?..
Көктөмгө – гүлдөр калат,
Жай күнгө – күкүк үнү,
Күзүмө – терек шуулдап...

**Мати Тавара:**
Сүйсө болот адамды,
Ишенбей туруп деле...

**Амо Сагиян:**
Жүрөк,
суук көздөн “селт” этип бүрүшөсүң,
Гүл сымал өлчөөсүз нур ичесиң.

**Исикава Такубоку:**
Бийик тоодон кулап түшкөн таш сыңар,
Ушул күнгө кулап түштүм...

**Фатима АБДАЛОВА**

АЙМАКТАРДА

## АЛТЫ УНАА ТАПШЫРЫЛДЫ

Эгемендүүлүк күнүнө карата Жалал-Абад электр тармактар ишканасына 6 даана автоунаа тапшырылды.

Энергетика министрлигинин маалыматына ылайык, КР Энергетика министри Таалайбек Ибраев Жалал-Абад облусуна болгон иш сапарынын алкагында Эгемендүүлүк күнүнө карата бир катар иш-чараларга катышып, Жалал-Абад электр тармактар ишканасына 5 даана “Chevrolet Cobalt” жана бир даана “Chevrolet Captiva” автоунаасын тапшырды. Унаалар “КУЭТ” ААКнын өздүк каражатынын эсебинен сатып алынды.



Тапшырылган автоунаалар аймактарга бөлүштүрүлүп берилди: Чаткал РЭТ - Chevrolet Cobalt, Майлуу-Суу РЭТ - Chevrolet Cobalt, Кара-Көл РЭТ - Chevrolet Cobalt, Токтогул РЭТ - Chevrolet Cobalt, Аксы РЭТ - Chevrolet Cobalt.

Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын базасында 278 техника болсо, 3 жыл аралыгында акыркы тапшырылган 6 даана автоунааны кошкондо 62 даана жаңы автоунаа менен толукталды.


Мындан тышкары, Энергетика тармагын өнүктүрүүгө кошкон салымы жана ишиндеги жетишкен жогорку көрсөткүчтөрү үчүн Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын Жогорку чыңалуудагы тармактар кызматынын башчысы Замирбек Боркошев Ардак грамота менен жана Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын 220/110/10кВ "Төрөбаев" көмөк чордонунун башчысы Замирбек Ажиматов КРнын Энергетика министрлигинин Алкыш каты менен сыйланды.

## КҮЗ БЕРЕКЕСИ

Талас облусунда төө буурчактын түшүмүн жыйноо кызуу жүрүп жатат. Аянттарда техника жана МТС (мобилдүү техникалык кызмат) колдонулуп, иш үзүрүн берүүдө.

Орто-Арык айылында тиричиликти жакшыртууга багытталган иш-чаралар жүрүп, дыйкандар жакшы жыйынтык алууда. Атап айтканда, бир гектар жерден орточо 1,5 тоннага жакын түшүм жыйналууда.

Аба ырайынын ысык болгонуна байланыштуу оруп-жыйноо иштери 15–20 күн мурун башталган. Быйыл 12 183 гектар аянтка төө буурчак эгилген. Өткөн жылга салыштырмалуу 319 гектарга көп эгилди. Нирвана” сортундагы төө буурчак бир нече мамлекетке экспорттолууда.



## ЖОЛДУ УБАГЫНДА БҮТҮРӨ АЛБАГАНДАР...

Нарын шаарындагы жолдорду капиталдык оңдоо иштерин жасоодо мыйзамсыз иштерге шектелгендер УКМК төрагасы Камчыбек Ташиевдин тапшырмасынын негизинде кармалды. Маалыматка ылайык, 2024-2025-жылдарда Нарын шаарындагы Ж.Шералиев жана Ленин көчөлөрүндө капиталдык оңдоо иштерин текшерүү иштеринин алкагында УКМК жана ИИМдин Нарын ОИИБ тарабынан "Кызмат абалын кыянаттык менен пайдалануу" беренеси менен иш козголгон. Кармалгандардын арасында Транспорт жана коммуникациялар министринин орун басары Т.О. Солтобаев жана “Бета групп” ЖЧКсынын аткаруучу директору М.К.Амантуров бар. Бул окуя “өгүз өлбөсүн, араба сынбасын” таризинде күн кечирип көнгөн жалкоо чиновниктерге сабак болушу керек.

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА,**
**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**